UNODC
Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности
Программный офис в Кыргызской Республике

Центр
Помощи
Женщинам

# ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНМО

## «АЯЛДАР КЕҢЕШТЕРИ - ТЫНЧТЫКТЫ ЖАНА ТУРУКТУУЛУКТУ БЕКЕМДӨӨДӨ»

Бишкек, 2019

UNODC
Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности
Программный офис в Кыргызской Республике

Центр
Помощи
Женщинам

# ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНМО

## «АЯЛДАР КЕҢЕШТЕРИ - ТЫНЧТЫКТЫ ЖАНА ТУРУКТУУЛУКТУ БЕКЕМДӨӨДӨ»

Иштеп чыгуучулар:
Султанова Р.Ш., Качикеева Б., Маматкулова А., Досалиева Б.А.

Бишкек, 2019

Бул басылма «Аялдарды колдоо Борбору» Коомдук Бирикмеси тарабынан  Бириккен Улуттар Уюмунун Тынчтык куруу фондунун каржылоосу менен Баңгизат жана кылмыштуулук боюнча БУУ башкармалыгы менен өнөктөштүктө «Бишкек шаарынын 10 жаңы конушундагы аялдар кеңештеринин жана коомдук алдын алуу борборлорунун дараметин күчөтүү» долбоорунун алкагында  даярдалды.

Бул колдонмо расмий редакцияланган эмес.

Колдонмо  Бириккен Улуттар Уюмунун Баңгизат жана кылмыштуулук боюнча  башкармалыгынын (УНП ООН) Кыргыз Республикасындагы программалык кеңсесинин көз карашы же саясаты менен дал келбеши мүмкүн жана жардам көрсөтүп жаткан уюмдар тарабынан  колдоого тийиш эмес. УНП ООН  пайдаланылып жаткан белгилерде жана материалдарды  баяндоодо,  өлкөнүн укуктук абалына, аймагына, калктуу жерлерине карата же чек арааларды бөлүштүрүүдө өкмөттүн  кандайдыр бир пикирин билдирбейт.

Практикалык колдонмо кыргыз, орус тилдеринде даярдалган жана www.wsc.kg интернет баракчасынан тапсаңыздар болот.

UNODC
Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности
Программный офис в Кыргызской Республике

United Nations
Peacebuilding

**Иштеп чыгуучулар:**

- ✓ Р.Ш.Султанова, гендердик маселелер боюнча адис
- ✓ Б. Качикеева, эдвокаси-адис
- ✓ А.Маматкулова, укуктук маселелер боюнча адис
- ✓ Досалиева Б.А., гендердик маселелер боюнча адис

“Аялдарга жардам көрсөтүү борбору” КБсы бул колдонмону басмага даярдоого көрсөткөн көмөгү үчүн Айтматова Розетта Торокуловнага, Социалдык Технологиялар Агенттигинин жетекчиси Кочорбаева Зульфияга, “Эл аралык толеранттуулук фонду” КФнын жетекчиси  Шабданова Тажыканга, Кризистик Борборлор Ассоциациясынын жетекчиси  Тюлекова Толкунга, КРдагы ICNLжетекчиси Идрисов Ноокатка ыраазычылык билдирет.

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН АТАЛЫШТАРЫ

| | |
|---|---|
| **БШК** | Борбордук шайлоо комиссиясы |
| **КМДБ** | Кыргызстан  Мусулмандарынын дин башкармалыгы |
| **КРЖК** | Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **КБ** | Кризистик борбор |
| **КРЭСӨМ** | Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги |
| **ИИО** | КР Ички иштер органдары |
| **ЖӨБО** | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| **КАБ** | Коомдук-алдын-алуучу борборлор |
| **ЖМК** | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| **КР ЖК** | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси |
| **КР ЖПК** | Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси |
| **КААБ** | Коомдук алдын-алуучу борборлор |
| **ЖМК** | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| **ЖИТ** | Жергиликтүү иш аракеттер топтору |
| **МАБ** | Муниципалдык аймактык башкаруу |
| **КЭУ** | Коммерциялык эмес уюмдар |

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ.............................................................6

АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН УЮШУЛУШУ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ...........................................................9

АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ӨНҮГҮҮ ИШИНДЕГИ КАДАМДАР...................................11

1 кадам – АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН СТАТУСУ ЖАНА ИШТӨӨ ФОРМАСЫ.............11

2 кадам – АЯЛДАР КЕҢЕШИН АЛГАЧКЫ ОКУТУУ ЖАНА МААЛЫМДОО.........................15

3 кадам– ПРОБЛЕМАР АНАЛИЗИ..................17

4-кадам – АРАКЕТТЕНҮҮ ПЛАНЫН ТҮЗҮҮ.....21

5 кадам – ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫН ИШКЕ АШЫРУУ................................................23

6-кадам – АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ИШИНИН НАТЫЙЖАСЫНА БАА БЕРҮҮ ЖАНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ................................24

7 кадам – АРАКЕТТЕНҮҮ ПЛАНЫНА ТҮЗӨТҮҮ КИРГИЗҮҮ..........................................26

8 кадам – АЯЛДАР КЕҢЕШИ-КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАР КАТАРЫ................27

ТИРКЕМЕЛЕР....................................................34

№1 ТИРКЕМЕ. АЯЛДАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО ............34

№2 ТИРКЕМЕ. БУУНУН КООПСУЗДУК КЕҢЕШИНИН (СБ) СУРООЛОРДО ЖАНА ЖООПТОРДО 1325-РЕЗОЛЮЦИЯСЫ....................................43

№3 ТИРКЕМЕ. ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЧЕЧҮҮДӨ ЛИДЕР АЯЛДАРДЫН ИЙГИЛИГИНИН ОКУЯЛАРЫ............................45

№4 ТИРКЕМЕ. АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ДЕМИЛГЕЛЕРИН ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ.........................................49

№5 ТИРКЕМЕ. АЯЛДАРГА КАРАТА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ..........................................................54

№6 ТИРКЕМЕ. ГЛОССАРИЙ...........................66

№7 ТИРКЕМЕ. КЫРГЫЗСТАНДЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ЖЫЛДАРДАН БЕРКИ ГЕНДЕР САЯСАТЫ ЖААТЫНДАГЫ ЧАРАЛАРЫ..........................67


КРУГЛЫЙ СТОЛ
по результатам проекта
«Усиление потенциала женских
комитетов и ОПЦ в 10
новостройках г. Бишкек»

# КИРИШҮҮ

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн бардык булуң бурчтарында коопсуздукту камсыздоодо жана тынчтыкты курууда аялзатынын ролу барган сайын жогорулоодо. Кыргыз Республикасында да аялзатынын коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндөгү ролун баалабай коюуга болбойт.

Кыргыз Республикасы аялдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын илгерилетүү боюнча көптөгөн эл аралык келишимдердин, конвенциялардын катышуучусу катары акыркы учурларда аялдардын жергиликтүү жана мамлекеттик маанидеги иштерге катышуусуна көңүлүн көбүрөөк буруп жатат. Ушундай документтердин бири, катышуучу-мамлекеттер аткарууга милдетин алган БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1325 “Аялдар. Тынчтык жана коопсуздук” резолюциясы болуп саналат.

БУУнун Уставынын принциптерине жана максаттарына таянган резолюциянын башкы максаты конфликттердин алдын алууда, аларды чечүүдө жана тынчтыкты курууда аялдардын катышуусун камсыздоо жана ролун бекемдөө, ошондой эле аялдардын коопсуздугун бир топко жогорулатуу жана буга таасир эткен факторлорду бекемдөө болуп саналат. Бул иш-аракеттердин алкагында мамлекет тарабынан аялдарды гендердик кылмыштардан, зомбулуктан коргоо жана алардын саясатка катышуусун илгерилетүү боюнча өзгөчө иш чаралар кабыл алынган.

Бул жетектеменин алкагында аялдар кеңештеринин ролу жөнүндөгү маселе каралмакчы. Аялдар кеңештеринин ишмердигин, ириде коомдун уюмдарынын ар түрдүү чөйрөлөрүндө жана ар түрдүү деңгээлдеринде ишке ашкан, негизинен социалдык максаттарды жана кызыкчылыктарды көздөгөн социалдык ишмердик катары аныктасак болот. Качан инсан, топ, тап же бүтүндөй коом алдына бир максатты коюп, аны жүзөгө ашырууга активдүү катышса, ошол жерде социалдык ишмердикти көрөбүз. Дискриминациянын көптөгөн түрлөрүнө тез-тез кабылган аялдардын жана кыздардын өтө аялуу топторуна өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Коопсуздук жагынан караганыбызда аялдар жана кыздар калктын бир топ аялуу бөлүгүн түзөт. Ошон үчүн да аялдар өздөрүнүн укуктарын жана келечек муундун кызыкчылыктарын коргоодо үзбөй иш жүргүзүүгө жөндөмдүү келишет. Аялзаты өзүнүн табигий жана коомдогу социалдык абалынын өзгөчөлүгүнө жараша жашоо баалуулуктарына, тукум улоого, келечек муунга кам көрүүгө, ошондой эле өнөктөштүккө, зомбулуксуздукка, өз ара жакшы көрүүгө, бири бирин аёого негизделген маданиятка бир топ жакын келет.

Тынчтыкты жана туруктуулукту бекемдөөгө, анын ичинде жергиликтүү жамааттын саясий жашоосуна катышууга аялдар кеңештеринин ишмердигин күчөтүү аркылуу аялдардын катышуусун активдештирүү өзгөчө зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкауу органдары жергиликтүү деңгээлде аялдар лидерлигин өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн бир топ натыйжалуу платформаны түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Аялдар кеңештери жамааттарда чырдашкан эки тарапты бирдей угууга, аларды элдештирүүгө жана өз ара мамилелерди жакшыртууга багытталган бирдей чечимдерди кабыл алууга даяр медиатр катары чыгып сүйлөй алышат.

Аялдар кеңеши- бул маалыматтык иштерди жүргүзгөн, консультативдик жардамдарды берген жана укук бузууларды алдын алган иш чараларды өткөргөн, чечим кабыл алуучу жактар менен жолугушууларды ж.б. уюштуруу аркылуу бийлик менен калктын ортосундагы диалогду жакшыртуу жоопкерчилигин өзүнө алган лидер аялдардын тобу.

Бүгүнкү күндө көпчүлүк аялдар кеңештери номенклатуралык инструмент катары гана калып, маалыматка ээ болбогондугунун, уюшкандыкта эместигинин айынан өздөрүнүн лидерлик

жөндөмдөрүн дайым эле көрсөтө беришпейт жана коомдун иштеп келген институту катары иш жүргүзбөй калышкан.

Аялдардын саясий укуктарын илгерилетүүдө аялдар кеңештеринин ишмердигинин мааниси Кыргыз Республикасында аялдарга жана кыздарга карата зомбулук курч жана таралып кеткен проблема бойдон сакталып калганы менен байланышат. Бул көрүнүш аялдардын жана кыздардын укуктарын бузуу менен алардын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтирип, өлкөнүн бардык региондорундагы бардык социалдык катмардагы аялдарга өзүнүн таасирин тийгизүүдө.

25 жылдан ашуун мезгилден бери сексуалдык зомбулук, эрте нике, никеге туруу үчүн кыздарды уурдоо, көп аялдуулук жана үй-бүлөдөгү зомбулук сыяктуу гендердик кылмыштар жана гендердик зомбулуктун түрлөрү жайылып кетти.

Бул жетектемеде тынчтыкты куруу жана конфликттердин алдын алуу процессине таасир этүү, ошондой эле аялдар кеңештерин үй-бүлөдөгү зомбулуктун, эрте никенин жана кыздарды жана аялдарды уурдоонун, коопсуздукка таасир эткен жана башка факторлордун алдын алууга катыштыруу максатында көңүл аялдар кеңештерин илгерилетүүгө багытталды.

Зомбулуктун кеңири тарап кеткен маанилүү факторлорунун бири – жашы жете элек кыздарды эрте күйөөгө берүүгө кийлигишпөө, жамааттын “алып качуу салтын” колдогону, үй-бүлөлүк зомбулукту үй-бүлөнүн өзүнүн иши деп, ага кайдыгер кароосу. Көп адамдар күйөөсү аялын сабап жатса көрмөксөн болуп өтүп кетишет, корккон, басынган балдардын көздөрүн байкагысы келбейт.

Аялдар кеңештери сыяктуу институттардын ролун күчөтүү аркылуу аялдардын коомдогу эле эмес, үй-бүлөдөгү ролун жана кадыр-баркын урматтоого жетише алабыз.



# АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН УЮШУЛУШУ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ

Аялдар кеңештеринин өзүнүн тарыхый негиздери бар. 90дон ашык жыл мурда 1925-жылы Кара-Кыргыз АССРнин эмгекчи-аялдарынын биринчи съезди өткөн, анда биринчи аялдар кеңештери билдирүү жасаган, мында аялдар кеңештеринин негизги ишмердүүлүгү үй-бүлөнүн моралдык абалына байкоо, негативдүү көрүнүштөрдү, конфликттерди, ажырашууларды алдын алуу болгон. Үй-бүлөдө жана жамаатта тынчтыкты бекемдөөгө багытталган институт катары аялдар кеңештеринин образы азыркы убакка чейин сакталууда. Азыркы Кыргызстанда аялдар кеңештеринин уюштурууучулук өнүгүүсү укук ченемдик актыларында эч чагылдырылган эмес, 2003-жылы аялдар кеңештеринин форумунда аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгү жөнүндө жобонун долбоору сунушталган, ал тилекке каршы өзүнүн кийинки өнүгүүсүн тапкан жок. Ошентип, бүгүнкү күндө аялдар кеңештери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылган ишмердүүлүктү жүргүзгөн, лидерлик көндүмдөр топтому менен 50 жаш жана андан жогору демилгелүү аялдар тобу катары калууда. Эч кандай юридикалык статусу жок демилгелүү тобу катары аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында бир катар тынчтык орнотуучу демилгелер өткөрүлгөн, мисалы 2010-жылдагы түштүктөгү конфликт учурунда, ошондой эле жер тилкелерин бөлүштүрүүгө байланыштуу этностор аралык жаңжалдарды чечүүдө жигердүү катышкан. Үй-бүлөлүк зомбулукту, эрте никеге турууну, кыздарды ала качууну алдын алуу маселелери аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгүнүн өзгөчө көңүл бурууну талап кылган чөйрөлөрүнүн бири болуп саналат. Аялдар кеңештеринин, КААБнун мүчөлөрү, гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча комитеттеринин, айыл комитеттеринин, ден соолук комитеттеринин, суу пайдалануучулардын ж.б ассоциацияларынын курамына кирет, ал жергиликтүү жамааттардын туруктуулугуна жана өнүктүрүүгө багытталган аялдар кеңештеринин катышуусунун зарылчылыгын айгинелеп турат.

Бул колдонмодо тынчтыкты орнотууга жана чыр-чатактардын алдын алуу, ошондой эле аялдар кеңешинин үй бүлөдөгү зомбулуктун алдын алуу жана кыздарды ала качуу ж.б учурлардын коопсуздукка таасирин эске алуу менен иш- аракеттерине катышууга багытталган.



# АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ӨНҮГҮҮ ИШИНДЕГИ КАДАМДАР

Бул колдонмо аялдар кеңешине демилгелүү топтун ишин жүргүзүүдө ар кандай уюштуруу-укуктук формаларын карап көрүүнү сунуштайт. КР мыйзамдарына ылайык, бир максатты көздөгөн демилгелүү топтор коммерциялык эмес уюм катары каттоодон өтүү менен же каттоосу жок топтор катары иш жүргүзө берсе болот. Аялдар кеңеши өзүнүн ишкерлигин демилгелүү аялдар тобу катары юридикалык каттоодон өтпөй эле ушул биринчи кадамдан баштаган сунуштарды пайдалануу менен иштесе болот. Эгерде аялдар тобу юридикалык каттоодон өтүү керек деп чечишсе, анда ушул колдонмону түзүүчүлөр 8чи кадамында берилген сунуштар аркылуу коммерциялык эмес уюм катары иш жүргүзсө болот. КЭУ катары иш жүргүзүү менен мыйзам астында жана мамлекеттик органдар астында кошумча милдеттери да пайда болот.

## 1 КАДАМ – АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН СТАТУСУ ЖАНА ИШТӨӨ ФОРМАСЫ

***Аялдар кеңеши - бул тынчтыкты орнотууда жана конфликтин алдын алууда коомдук уюштуруу иштерин жүргүзүүдө аялдардын лидерлигин жана мүмкүнчүлүгүн жылдыруу механизми***

Аялдар кеңеши натыйжалуу иштеши үчүн жана катышуучулардын отурумунда маанилүү чечимди кабыл алыш үчүн, кворум камсыз болушу (50% плюс бир добуш) үчүн курамында 7 адамдан кем эмес болушу керек экенин дагы эскертебиз.

Аялдар кеңешин уюштурууда Планды иштеп чыгып, аны ишке ашыруу үчүн негизги принциптерди аныктоо маанилүү. Аялдар кеңешинин кабыл алган принциптери бирдей кызыкчылыктарды жана маселелерди карап, бир бирине болгон ишенимди орнотуу менен баалулуктарды бекемдейт. Мындай принциптерге:

- ✓ өнөктөш принциби;
- ✓ ачык -айкындык жана тактык;
- ✓ келечек муундардын кызыкчылыгын эске алуу принциби;
- ✓ программаны түзүп жана иш-чараларды пландоо учурунда, экономикалык, экологиялык, социалдык максаттарды айкалыштыруу принциби;

Аялдар кеңешинин келечектеги мүчөлөрү ушул айтылган иш принциптердин жетектемеси менен, иш жүргүзүүсү керек.

Аялдар кеңешинин ишинде жооптуу кызматтын бири болуп председатель/жетекчи эсептелет анткени, уюштуруу иштерин жана чогулушту чакыруу боюнча иштерин чечет. Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмесин байланыш маалыматтары менен түзүп( юридикалык жана үй адрестери, телефон номерлери менен) аларга таратып берүү керек

Ушул колдонмо аялдар кеңешинин ишин жүргүзүүнүн ар түрдүү формасын сунуштайт:

- ✓ аялдар кеңешинин отурумун кварталда 1 жолудан кем эмес өтүүсү;
- ✓ иш планын иштеп чыгуу;
- ✓ иш планын аткарылышын текшерүү жана ага түзөтүү киргизүү

активдүү жана лидер аялдардын жан башка кеңеш институттарынын катышуусу менен ачык отурумду уюштуруу:

- ✓ коомдук алдын алуу Борбору
- ✓ аксакалдар соту
- ✓ кеңешмелер, комитеттер;
- ✓ жааматтар;
- ✓ өзүнө өзү жардам тобу;
- ✓ жаштар комитети;
- ✓ жаңылыктар дүйнөсү;
- ✓ диаспоралар, ж.б

## АЯЛДАР КЕҢЕШТЕРИ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН КАНДАЙ ТҮРҮН ЖАНА МИЛДЕТТЕРИН ИШКЕ АШЫРА АЛАТ?

Аялдар кеңештери өз максаттарына жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди чечүүнүн үстүндө иштей алат:

- ✓ бакубат шарттарды түзүү жана аялдарды жигердүү коомдук ишке тартуу;
- ✓ аялдардын өлкөнүн коомдук -саясий, социалдык жана маданий турмушуна бирдей катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- ✓ мамлекеттик үй бүлө саясатын жана аялдардын абалын жакшыртуу жаатында саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү ;
- ✓ аялдарга жана кыздарга карата жасалган зомбулуктун бардык түрлөрүн болтурбоо жана коопсуздукту камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;
- ✓ аялдардын укуктарын жана таламдарын, энеликти жана балалыкты коргоо жана үй-бүлөнү, энени жана баланы социалдык коргоонун жана жардам көрсөтүүнүн натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу;
- ✓ үй-бүлөнүн статусун бекемдөө жана үй-бүлөнү коргоо;
- ✓ ден-соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген жана улгайган адамдары бар үй-бүлөлөргө колдоону камсыз кылуу, алардын эс алуусун уюштуруу.
- ✓ бардык деңгээлдеги ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна жана мамлекеттик программаларга сунуштарды иштеп чыгууга катышуу;

Аялдар кеңешинин өнүгүшүнүн маанилүү фактору болуп, аялдар кеңешинин КААБдын ишине аралашуусу эсептелет.

***Коомдук алдын алуу Борбору - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аймагында уюшулган, калк менен жергиликтүү органдар биргеликте ыйгарым милдеттеринин чегинде укук бузуулардын алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын укук ченемдик актыларынын алкагында иштеген коммерциялык эмес уюм***

*«КР укук бузуунун алдын алуу боюнча мыйзамы 25.06.2005г №82».*

Аялдар кеңешинин башкармасы коллегиалдуу түрдө чогулуштун форматын, күн тартибин бекитет, жана өтүүчү жерин тактап, чакырылгандардын тизмесин, ар бир чогулуштун протоколун түзөт.

Аялдар кеңешин түзүү- аялдардын бир эле учурда мүмкүнчүлүктөрүнүн мындан аркы кеңейишинин механизми катары карап, ошондой эле коомчулуктун көңүлүн тынчтык, туруктуулук маселесине буруу экенин эске салуу, маанилүү.

Элге үзгүлтүксүз маалымат берип туруу үчүн боло турган иш чара жөнүндө, жасалган иштер жөнүндө мерчемделген иш-аракеттердин темасын даярдап, чогулуштарды өткөрүп, башка отурумдарга чакырууларды кабыл алуу мына ушул аракеттердин бардыгы аялдардын коомчулуктагы ролун көтөрүүгө арналган күнүмдүк иштер.

1. жалпы жыйналыштарды уюштуруу жана өткөрүү;
2. уюмдун стратегиялык өнөктөштөрү менен жумушчу жолугуушуларды өткөрүү жана мамлекеттик же башка коомдук жыйналыштарга катышуу;
3. долбоордук ишмердүүлүктү иштеп чыгуу жана координациялоо;
4. уюмду өнүктүрүү үчүн керектүү ресурстарды издөөгө катышуу (адамзаттык ресурстар, материалдык ресурстар);
5. стратегиялык пландоо боюнча аялдар кеңештеринин мүчөлөрү менен жолугушууларды өткөрүү;
6. уюмдун алдына коюлган миссияга жетүү үчүн инвесторлорду, өнөктөштөрдү тартуу;
7. уюмдун андан аркы өнүгүүсү үчүн маалымат жыйноону уюштуруу жана өткөрүү;
8. аялдардын үй бүлөдөгү, коомдогу статусу, ден соолугу, өнүгүшүнө карата лекция, семинар, спорт оюну сыяктуу иш чараларды уюштуруу;



## 2 кадам – АЯЛДАР КЕҢЕШИН АЛГАЧКЫ ОКУТУУ ЖАНА МААЛЫМДОО

Жергиликтүү деңгээлде аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн билим деңгээлин жогорулатуу үчүн аялдардын жана кыздардын укугу боюнча маалымат платформасын дайындап алуу абзел. Ал үчүн:

Кыргыз Республикасынын гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча төмөнкү укук ченемдүү актыларын окуп билүү керек:

- ✓ КР Конституциясын;
- ✓ Аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу боюнча Конвенцияны;
- ✓ Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Коопсуздук Комитетинин 1325 Резолюциясын;
- ✓ КР мыйзамы «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө;
- ✓ «КР Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР конституциялык мыйзамы;
- ✓ «Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө»КР мыйзамы
- ✓ «Жергиликтүү өзүн- өзү башкаруу органдары жөнүндө» КР мыйзамы
- ✓ Гендердик теңчиликке жетүүнүн 2020-жылга чейин стратегиялык планы
- ✓ Гендердик теңчиликке жетүүнүн улуттук иш аракеттер планы;
- ✓ Үй бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо мыйзамы;
- ✓ КР Жазык кодекси жана Жазык процесстери жөнүндө мызамдар;

Электрондук версиядагы китепкана түзүү

- ✓ аялдардын лидерлиги жөнүндө;
- ✓ конфликт жөнүндө;
- ✓ тынчтык куруу жөнүндө;
- ✓ аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун алдын алуу боюнча;
- ✓ стратегиялык пландоо боюнча;
- ✓ жааматты мобилизациялоо;

Тынчтыкты орнотуу жана чыр-чатактардын алдын алуу, лидердик темалары боюнча аялдар кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн билим деңгээлин жогорулатып туруусу үчүн китепкананын болушу жана маалыматтарды алууга мүмкүндүгү керек.

Төмөнкү суроолорго карата окууларды өтүү:

- ✓ гендер и гендердик стереотиптер;
- ✓ аялдарга карата басмырлоонун түрлөрү;
- ✓ гендердик сезимталдык, гендердик анализ, гендердик стандарттар, гендердик бюджет ж.б
- ✓ чыр-чатактын же конфликтин гендердик көрсөткүчү, чыр-чатак учурундагы аялдардын аялуу-

лугу тынчтык орнотууда жана чыр-чатактарды чечүүдө аялдардын ролу ж.б;

- ✓ кыздарга жана аялдарга карата зомбулук жана ден соолук маселеси;
- ✓ медиация- коомчулуктагы тынчтык жана туруктуу жашоого жетүүдөгү курал;
- ✓ аткаруу Пландарын түзүү жана SWOT-анализ жүргүзүү ж.б.;

Окуу өтүү үчүн тажрыйбалуу эксперттерге же коомдук уюмдарга жана ушул багыттагы иш жүргүзгөн эл аралык уюмдарга кайрылса болот.

Гендер, социалдык жана чыр- чатак темалары боюнча иштеген уюмдардын маалымат базасын түзүп койгон оң.

Төмөндө аялдардын укугун коргоо жана илгерилетүү  жаатында тажрыйбасы мол коомдук уюмдардын тизмеси берилди:

1. «Аялдарды колдоо Борбору» КБ
2. Кризистик Борборлор  Ассоциациясы
3. «Сезим» Кризистик Борбору
4. «Энсан Диамонд» КФ
5. «Алга» айылдык аялдар КБ
6. «Өкмөттүк эмес аялдар уюмунун Форуму» КБ
7. «Демилгелүү ишкер айымар» (ДИА) КБ
8. «Коомчулуктагы Билим» КФ
9. «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондусу
10. «Гендердик изилдөө Борбору»КБ
11. «Репродуктивдик ден-соолук Альянсы» КБ
12. «Социалдык  технологиялар Агенттиги» КФ
13. «Гендердик маалыматтар Борбору» Ассоциациясы
14. «Кыздар жана аялдарга карата зомбулукка каршы биргеликте» тармагы ж.б.

**Жергиликтүү коомчулуктун киреше булактарын, байлыктарын, активдерин жана  аялдар кеңешинин иш чараларын өнүктүрүүдөгү тоскоолдуктар жана кемчиликтерди аныктоо максатында картага түшүрүү зарылдыгы бар. Карта өзгөчө көңүл бура турган   көйгөйлүү жерин да чагылдырат.**

Картаны  түзүү жергиликтүү калкка жана бийликке таасир этүүчү натыйжалуу механизм катары жана аларды жергиликтүү деңгээлде маанилүү суроо талаптарды чечүүгө катышуусуна, ошондой эле аймагынын өнүгүшүнө салым кошуусуна таасир этет.

## 3 КАДАМ – ПРОБЛЕМАР АНАЛИЗИ

Проблеманы (көйгөйлөрдү) анализдөө бир же бир нече проблемаларды (кырдаалга баа берүү этабында байкалган) себептерин тактоо жана чечүү жолдорун аныктоо үчүн аларды кылдат иликтеп үйрөнүп чыгуу дегенди билдирет. «Проблема»- ыңгайсыздыкты жараткан, «канааттандырбаган кырдаал» катары аныкталат. Проблеманы анализдөө пландоонун оор этабы болуп саналат. Анткени ал андан ары анализдөө процессинин бардык учурунда жана приоритеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууну аныктайт.

Проблемаларды атап коюу жана бир канча түрлөргө бөлүү менен кырдаалды терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Проблеманы анализдөөнүн максаты - изилдеп жаткан кырдаалды так билүү жана түшүнүү үчүн баалоонун алгачкы жыйынтыктарын түзүү, жалпылоо жана уюштуруу. Буга түзүлгөн кырдаалдагы терс аспектилерди башкача айтканда «проблемаларды» аныктоо жана андан ары түз жана кыйыр себептерин таап чыгуу да кирет. Проблемалардын себептерин аныктоо учурунда аларды чечүүгө мүмкүн болгон жолдорун да издөө керек.

Кайсы бир деңгээлде проблеманы анализдөө, кырдаалга баа берүү учурунда да болот. Мындай болгон учурда маалыматты кайрадан карап көрүү керек, жана зарылчылыгы болсо кошумча киргизсе болот. Эгерде проблеманы анализдөө буга чейин жүргүзүлбөсө, анда аны кырдаалды иликтөө жана проблемаларды тактоо учурунда талкууланган жана анализденген маалыматтарды, ошондой эле кызыкдар тараптардын анализдин анализин жана SWOT анализди пайдалануу менен эрте баштоо керек.

Проблеманы анализдөөнүн ар кандай инструменттери бар. Кеңири колдонулган инструменттердин бири «Проблемалардын дарагы».

Бул визуалдык ыкмада анализ жүргүзүү үчүн даракка окшоштурулган усул колдонулат. Көнүгүүнүн жыйынтыгында жагымсыз кырдаалдын жалпы көрүнүшү пайда болот.Мында дарактын сөңгөгү- негизги проблема, тамыры алардын себептери, бутактары проблеманын кесепеттери катары каралат.

***«Проблема дарагы» көнүгүүсү үч кадам аркылуу ишке ашат:***

***1-Кадам: Баалоо учурунда табылган ар түрдүү проблемаларды топто талкуулагыла.***


***2-Кадам: Чечүүнү талап кылган негизги проблемаларды аныктагыла жана макулдашкыла.***

***3-Кадам: Негизги проблемалардын себептери жана кесепеттерин аныктагыла жана анализдегиле.***


***4-Кадам: «Бул проблема эмне үчүн бар?» деген суроого дайыма жооп издөө жолу менен ишке ашат. Андан ары такталган проблемалардын ортосундагы байланыштарга (себептик жыйынтыктык) анализ өткөрүлөт.***

Бул көнүгүүнүн жыйынтыгында алынган «Проблемалардын дарагы» реалдуулуктун так жана жөнөкөйлөтүлгөн сүрөтүн түзүүгө тийиш. «Проблемалардын дарагы» такталган ар бир себептик-жыйынтыктык байланыштарын камтый албайт жана түшүндүрмө бере албайт, берүүгө да тийиш эмес.

Биргелешип катышуу жана топтордо иштөө ыкмаларын натыйжалуу пайдаланган шартта бул анализдин сапаты бир топ жогору болот. Анткени бул ар кандай кызыкдар тараптардын көз караштарынын пикирлеринин ортосундагы түшүнүктү камсыздайт.




Сиз проблемага анализ жасагандан кийин аны «тескерисинен оодарып», «Чечимдердин дарагын» (№2- сүрөттү караңыз) түзсөңүз болот. Бул үчүн «Проблемалар дарагын» түзгөн негативдүү сүйлөмдөргө айландыруу керек. Ошондо проблемалардын ордуна сиздин максатыңыз болгон анын чечимдери пайда болот, ал эми проблемалардын тамыры максатка жетүүдөгү милдеттер болуп калат. Схеманын өйдөкү тарабындагы кесепеттердин бутагы проблеманы чечүүдөгү сиздин аракеттерди өлчөй турган индикаторлорго айланат.




Иш-аракеттердин планын иштеп чыгууга чейин жүргүзүлгөн кырдаалды анализдөөнүн дагы бир кеңири колдонулган ыкмаларынын бири SWOT- анализ болуп саналат. Бул анализ катышуучулар тарабынан маселе талкууланып жатканда анализге алынган кырдаалдын ар түркүн аспекттеринде мүнөздүү болгон күчтүү жана начар жактарын, мүмкүнчүлүктөрдү жана коркунучтарды аныктоого жана салыштырууга өбөлгө болот.

***SWOT-анализ тынчтыкты орнотуу жана конфликттерди чечүү процессине лидер аялдарды илгерилетүү боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуудагы негизги этаптардын бири болуп саналат. Анын жардамы менен күчтүү жана алсыз жактар иликтенет, ошондой эле ар кандай мүмкүнчүлүктөр жана коркунучтар аныкталат.***

- ***S (strengths) – күчтүүжагы***
- ***W (weaknesses) – алсызжагы***
- ***O (opportunities) - мүмкүнчүлүктөр***

Бул метод ар кандай ыкмалар менен колдонулушу мүмкүн. Команда эмнени анализдегиси келет, ошого жараша SWOT-анализдин компоненттеринин ар түрдүү аныктамалары колдонулат. Кээде "күчтүү" жана "начар" жактары мекеменин ички факторлору катары, ал эми "мүмкүнчүлүктөр" жана "коркунучтар" тышкы факторлор катары кабыл алынат. Башка вариантта болсо "күчтүү" жана "начар" жактарын аныктоо жүрүп жаткан фактор катары, ал эми "мүмкүнчүлүктөр" жана "коркунучтар"-келечек фактору катары каралат.

Эгерде аялдар кеңеши баалоо процессинде аныкталган проблемалардын багытында иштөөсүндөгү мекеменин мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн SWOT-анализди колдонсо, анда жоопту талап кылган негизги суроолор төмөнкүлөр болот:

- **Бүгүн өнүгүү жана күчтүү жактардан караганыбызда биз кайсы жакта турабыз?** (мисалы:кызматкерлердин/волонтерлордун саны, бенефициардын саны, уюштуруу структурасы, донорлор жана өнөктөштөр менен өз ара мамиле ж.б.у.с);
- **Биздин бүгүнкү курчап турган чөйрөбүз (саясий кырдаал, экономика, маданий каадалар, тарых, салттар)** уюмдун өнүгүүсү жана ага таасир этүү үчүн жагымдуу болуп саналабы?
- **Биздин өнүгүүбүз узак мөөнөттүү болуш үчүн иш-аракеттер планынын долбоорунан/программасынан кандай пайданы ала алабыз?**
- **Аялдар кеңеши үчүн иш-аракеттер планынын долбоорун /программасын жүзөгө ашыруу кандай тобокелдиктерди** (башкача айтканда зыяндуу натыйжалар, жашыруун кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү чыгашалар, түйшүктөр, кошумча кызматкерлер материалдык техникалык камсыздоо структурасын узак мөөнөткө кармап туруу, коомдук кадыр барк/кабыл алуу) алып келет?
- **Биздин уюмдун негизги аспекттерине кандай таасири болушу мүмкүн?** Биздин уюм мөөнөттүү өнүгүүнүн көз карашынан алганда бул таасир оң болобу же терс болобу?

**SWOT-анализ** айрыкча катышуучулар терең билимге жана кызыкчылыктарды жакшы түшүнүшкөн учурда иш -аракеттердин потенциалдуу планын жүзөгө ашыруудагы жашыруун тоскоолдуктарды таап коюшу мүмкүн.

Ушундай эле ал алгач учурда көп байкалбаган оң учурларды да аныктап коюушу ыктымал. Эгерде SWOT-анализди туура колдонсок баалуу маалыматтарды тез арада табууга мүмкүндүк берет.

## SWOT - анализ

| S – Күчтүү жактары | W – Алсыз жактары |
|---|---|
| • Коомчулукту терең билүү;<br>• Күчтүү команданын болушу;<br>• Гендер саясатынын негиздерин туура түшүнүү;<br>• Жергиликтүү бейөкмөт уюмдары менен жакшы байланыш түзүү; | • Жергиликтүү башкаруу органдарына таасирдин алсыздыгы;<br>• Башка уюмдарды окутуу боюнча тажрыйбанын жоктугу;<br>• Маалымат-укуктук базанын жоктугу; |
| **O - Мүмкүнчүлүктөрү** | **T - Коркунучтар** |
| • ЖӨАБО аркылуу финансылык же техникалык колдоонун болушу; | • Мамлекеттик структуралар аялдар кеңешинин иштерин колдоого алууга жөндөмсүз болушу мүмкүн.<br>• Жамааттын аялдар лидерлигин өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин планына кызыкпашы/же катышкысы келбеши мүмкүн; |

## 4-КАДАМ – АРАКЕТТЕНҮҮ ПЛАНЫН ТҮЗҮҮ

**Аракеттенүү планын түзүүдө жамааттардагы кырдаалды талдоонун жана алдарын муктаждыгын изилдөөнүн натыйжаларына таянат. Пландын үстүнөн иштөөдө жергиликтүү бийлик органдарынын, депутаттык корпустун, жергиликтүү коомдук уюмдардын колдо болгон иштеп чыгууларын колдонуу сунушталат.**

Иш-аракеттер планы төмөнкүдөй милдеттүү түзүүчүлөрдү камтууга тийиш:

- иш-чаралар;
- мөөнөттөр;
- жооптуу аткаруучулар;
- ресурстар жана булактар;
- өнөктөштөр.

### Иш-аракеттер планын түзүүнүн сунушталган варианты

| Иш-чаралар | Мөөнөттөр | Жооптуу аткаруучулар (ФАЖ) | Ресурстар жана алардын булактары | Өнөктөштөр |
|---|---|---|---|---|
| **№1 милдетЖашы жете электер менен диний нике жырымдарын тыюу салуу жөнүндө калкка маалымат таратуу** | | | | |
| КРда эрте никелерге тыюу салуу боюнча ЧУА менен таанышуу максатында улуу муундагы аялдар менен жолугушууларды өткөрүү | 2019-жылдын 2-кварталы | Султанова Рита – аялдар кеңешинин мүчөсү,<br>Ибрагимов Расул – участкалык милиционер | Орто мектептин актовый залы, проектор, ноутбук, колонкалар, баракчалар, буклеттер | ЖӨБО,<br>мектептин администрациясы,<br>кварталдыккомитеттердин төрагалары,<br>участкалык милиционер,<br>аялдар ӨЭУлары |
| Тынчтык орнотуу жана чыр-чатактарды болтурбоо процесстеринде аялдар лидерлигинин мүмкүн болуучу жолдорун талкуулоо боюнча тегерек столду өткөрүү. | 2019-жылдын 4-кварталы | Досбаева Анара – аялдар кеңешинин төрөайымы,<br>Джамгырчыева Турсунай – МАБнын начальнигинин орун басары | ЖӨБОнун актовый залы, проектор, ноутбук, колонкалар, баракчалар, буклеттер, канцелярдык товарлар (калемсап, блокноттор) | ЖӨБО,<br>эл аралык уюмдар,<br>Аялдар ӨЭУлары |

Колдо бар ресурстарды эске алуу менен так, аткарыла турган иш-чараларды алар жергиликтүү тургундардын көпчүлүгүнө түшүнүктүү болгудай түзүү сунушталат, бул иштин катышуучуларынын санын кеңейтүү үчүн шарттарды түзөт. Зарылчылык болсо, жаңы жагдайларды жана мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен пландарды тууралоо керек.

Иш-чараларды иштеп чыгуу процессинде төмөнкүлөрдү кароо зарыл:

- аялдарды жана кыздарды функционалдык жана гендердик окутууга багытталган иш-чараларды, аял-лидерлерди тынчтыкты орнотуу жана чыр-чатактарды болтурбоо боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине тартуу боюнча иш-чараларды кароо;
- пландаштырылган иш-чараларда кандайча жана кандай түрдө эркектер да, аялдар да катыша ала тургандыгын кароо;
- аял-лидерлер үчүн кабыл алынган чаралардан кесепеттерди аныктоо жана пландаштырылган иш-чаралар тынчтыкты орнотуу жана чыр-чатактарды чечүү процессинекырдаалды өзгөртүүгө таасир тийгизе тургандыгын аныктоо.

Баштапкы этапта анча татаал эмес долбоорлордон баштаган жакшы, аларды ишке ашыруу башка тургундарга аялдардын жаңы демилгелеринин натыйжалуулугун көрсөтүүгө жана ишенимдүүлүктү бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Акырындык менен тажрыйба топтоо менен кыйла татаал долбоорлорго киришсе болот. Долбоордук сунуштар аялдар кеңештеринин мүчөлөрү тарабынан мамлекеттик социалдык заказдардын, эл аралык уюмдардын, жергиликтүү ӨЭУлардын жана жеке компаниялардын долбоордук билдирмелеринин конкурсуна катышуу үчүн сунушталышы мүмкүн.

Аялдар лидерлигин өнүктүрүү боюнча долбоордук сунуштарды иштеп чыгуу үчүн маселелердин тизмеси:

**Маалымат жана негиздеме:** чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын катышуусуна карата кырдаал кандай? Аялдар лидерлигин өнүктүрүүнүн пайдасына айкын жүйөлөр барбы?

Күтүлгүүчү/болжолдонуучу натыйжалар: чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аял-лидерлердин катышуусунан жергиликтүү деңгээлде кандай өзгөрүүлөр болот?

**Максаттар:** Сунушталган иш-чаралардын максаты аялдардын кызыкчылыктарын чагылдырабы?

Максаттуу алуучулар: Долбоордун иш-чараларынан ким пайда/ артыкчылык алат?

Иш-чаралар: Пландаштырылган иш-чараларда эркектер да, аялдар да катышабы? Кандайдыр-бир кошума иш-чаралар (мисалы, гендер, аялдар лидерлиги боюнча окутуу же кошумча изилдөөлөр ж.б.каралышы керекпи)?

**Көрсөткүчтөр:** Коюлган максаттарга жетүү үчүн болгон ийгиликтерге баа берүү үчүн көрсөткүчтөр иштелип чыкканбы? Бул көрсөткүчтөр коюлган милдеттердин ар бирине аялдардын катышуусун өлчөй алабы (мисалы, аял-депутаттардын жергиликтүү кеңештерде үлүшү)?

**Аткаруу:** Пландаштырылган иш-чараларды ким ишке ашырат? Өнөктөштөр иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшүндө гендердик позицияны кармап калуу үчүн гендердик маселелер боюнча окутуудан өтүшкөнбү?

**Өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк:** Сиздер коомчулуктун ар кандай катмарлары менен аялдар лидерлигин өнүктүрүү үчүн өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк формаларын иштеп чыктыңызбы?

Мониторинг жүргүзүү жана баа берүү: Баа берүү жана мониторинг жүргүзүүдө аял-лидерлер киргизилгенби? Мониторинг жүргүзүү процесси ишке ашырылып жаткан иш-чаралардын мазмундуу жана уюштуруучу бөлүгүнө жайылтылабы?

**Тобокелдиктер:** Коомдогу социалдык ролдордун жана мамилелердин гендердик аспектиси потенциалдуу тобокелдик катары каралабы (мисалы, аял-лидерлердин толук катышуу жолунда кездешүүчү стереотиптер же түзүмдүк бөгөттөр)? Ишке ашырылуучу иш-чаралардын мүмкүн болуучу терс таасири эсепке алынганбы (мисалы, аялдарга жүктөмдү көбөйтүүнүн потенциалдуу мүмкүнчүлүгү же эркектер үчүн социалдык изоляция)?

**Бюджет:** гендердик проблемада маалымдуулугу жогорулатуу боюнча окутуу өткөрүүнүн зарылчылыгы жана кыска мезгилдеги негизде гендердик маселелер боюнча эксперттерди чакыруу бюджетте чагылдырылганбы?

**ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫН ИШТЕП ЧЫГУУ УЧУРУНДА БЕРИЛҮҮЧҮ НЕГИЗГИ СУРООЛОР**

***Жамаатта кайсы топ проблеманын чечүү вариантын аткаруу боюнча жоопкерчиликти өзүнө алууга даяр же жөндөмдүү?***

***Ишке киришүүгө даяр негизги байланышуучу адамдар кимдер болуп саналат?***

***Ар бир иш-аракетти аткаруу үчүн зарыл кадамдар кайсы?***

***Иш-аракеттер кантип координацияланышы мүмкүн?***

***Бул вариантты ишке ашыруудан кандай позитивдүү натыйжаларды күтсө болот?***

***Бул натыйжаларды качан күтсө болот? Мөөнөттөрүн белгилегиле.***

***Жамааттын кайсы ресурстары пайдаланылышы мүмкүн?***

***Ишти илгерилетүүгө кантип байкоо жүргүзсө болот?***

Аракеттер планын ишке ашырууга бардыгы даяр болгондо, төмөнкүлөрдү сунуш кылабыз:

a. иштиктүү өнөктөштөрдү тартууга. (депутаттарды, бизнес жана бийлик өкүлдөрү, ӨЭУ, КААБ)

b. социалдык кырдаалды эске алуу менен программаны жана планы түзөтүүгө;

c. иштиктүү өнөктөштөрдү аныктоого –планды ишке ашырууга жардам берүүгө жөндөмдүү уюмдар жана адамдар;

d. иштиктүү өнөктөштөр менен талкуулоо үчүн биргелешкен иш тууралуу сунушту жана кызматташуу жөнүндө келишимдин текстин түзүү.

## *5 КАДАМ – ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫН ИШКЕ АШЫРУУ*

**1. Расмий сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү. Зарыл ресурстарды алуу.**

a. иштиктүү өнөктөштөр менен жолугушуу, биргелешкен аракеттерди, акцияларды талкуулоо;

b. жергиликтүү бийлик органдары, коомдук уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан колдоо алуу;

c. иш-чараларды өткөрүү үчүн зарыл ресурстарды алуу.

Сырттан жардам алуу аракеттенүү планын ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө өбөлгө болот. Достук, жакшы маанайдагы, позитивдүү ишенимдүү атмосферанын болушу маанилүү, ал мамлекеттик, коомдук жана жеке уюмдар менен кызматташууга жардам берет. Иштиктүү өнөктөштөр менен жолугушууга кылдат даярдануу керек: боло турган жолугушуу планын түзүү, эмне жөнүндө макулдашкыңыз келет аныктап алуу, планды ишке ашыруунун маанилүүлүгүнө, анын ишке ашыруудан эки тараптын тең пайда алуусуна өнөктөштү ынандыруу үчүн олуттуу жүйө табуу. Келишим милдеттүү түрдө эки нускада жазуу жүзүндө тариздселип, өнөктөштөрдүн кол тамгалары менен бекитилиши керек. Долбоорду ишке ашыруу үчүн алынуучу кандай болбосун материалдык каражат-

тар эсепке алынышы керек. Бул үчүн материалдык ресурстарды алууну жана алардын пайдаланылышын белгилөө үчүн материалдык баалуулуктарды эсепке алуу китебин жүргүзүү зарыл.

**2. Пландуу иш-чараларды өткөрүү.**

a. бардык катышуучулардын күч-аракетин бириктирүү;

b. иштелип чыккан аракеттер планына ылайык бардык белгиленген иш-чараларды аткаруу;

c. графикте көрсөткөн мөөнөттөргө ылайык бардыгын өз убагында аткаруу;

d. иш-аракеттер планын ишке ашыруунун жүрүшүндө туруктуу мониторинг жүргүзүү (иш-аракеттер планын жүзөгө ашырууга байкоо жүргүзүү);

e. эгерде талап кылынса иш-аракеттер планын түзөтүү зарыл. План жеткире иштелип чыгышы керек жана жаңы жагдайларды эске алуу менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

Белгиленген иш-чараларды так, ирети менен жана ырааттуу аткаруу иш-аракеттер планын турмушка ашырууга, коюлган максаттарга жетишүүгө жана социалдык проблемаларды чечүүгө алып келет.

**3. Жергиликтүү жамаатка маалымдоо.**

a. иш башталгандыгы жөнүндө жергиликтүү жамаатка маалымдоо;

b. жүрүшү жөнүндө;

c. иш-аракеттер планын жүзөгө ашыруу жөнүндө.

Калкка мындай окуялар жөнүндө маалымат берүү менен жетишилген натыйжа – иш-аракеттер планынын, аялдар лидерлигин өнүктүрүү стратегиясынын курамдык бөлүгү экендигин баса белгилөө керек. Мындай мамиле тургундарга аракеттенүү планын позитивдүү кабылдоону калыптандырууга мүмкүнчүлүк берип, алардын иш-чараларда катышуусуна дем берет, жүргүзүлүп жаткан иштин системалуу жана узак убакытка экендигинин түшүнүүсү түзүлөт.

## *6-КАДАМ – АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ИШИНИН НАТЫЙЖАСЫНА БАА БЕРҮҮ ЖАНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ*

**Мониторинг жүргүзүү жана натыйжаларга баа берүү** чыгымдардын жана натыйжалардын катышын, иштин эффективдүүлүгүн жогорулатуу жолдорун издөө, ошондой эле пландарды жана иш-чараларга түзөтүү киргизүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу үчүн керек.

**Мониторинг жүргүзүү** – бул тандалган индикаторлордун негизинде, алардын жетишилген жылыштарын же прогрессти аныктоо үчүн процесстерди үзгүлтүксүз көзөмөлдөө. Иш-чараларды жана алардын аялдардын лидерлигин өнүктүрүүгө таасир этүүсүн көзөмөлдөө үчүн индикаторлордун төмөнкү түрлөрүнө көңүл бурууну сунуштайбыз:

**Сандык индикаторлор/көрсөткүчтөр:**

a. топтун ар бир жыйналышына 20дан кем эмес адамдын катышуусу;

b. тынчтык орнотуу жана чыр-чатактарды алдын алуу процесстерине лидер аялдарды илгерилетүү үчүн иш - аракеттердин планын иштеп чыгуу;

c. коомчулукту өнүктүрүү үчүн иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу ;

d. аялдардын лидерлигин өнүктүрүүгө багытталган 2 долбоорду жана эрте никелешүү, кыздарды ала качуу жана үй-бүлөлүк зомбулук учурларды төмөндөтүүгө багытталган 2 долбоорду

ишке ашыруу;

e. кыздарга жана аялдарга карата зордуктоо учурларын жокко чыгарууга, ошондой эле тынчтыкты орнотуу жана чыр-чатактарды алдын алууга лидер аялдардын катышуусуна арналган эфирдик убакыттын пайызы (телевизиондук), макалалардын саны.

**Сапаттык индикаторлор/көрсөткүчтөр:**

a. калкты коомдук турмушка тартуу, күч-аракеттерди бириктирүү үчүн шарттарды түзүү;
b. аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн, жергиликтүү калктын билиминин өсүшү жана аялдардын укугунун маселелери боюнча коомчулуктун маалыматтуулугун кеңейтүү, тынчтыкты орнотуу жана чыр-чатактарды алдын алуу процесстерине аялдардын катышуусу;
c. лидер аялдар жөнүндө маалымат базасын түзүү;
d. лидер аялдар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;
e. жамаатта жашоонун сапатын жакшыртуу;
f. ийгиликтердин тарыхын чогултуу;

Конкреттүү көрсөткүчтөр (индикаторлор) конкреттүү негативдүү кубулуштардын жана процесстердин же өнүгүүнүн позитивдүү тенденцияларын сактоо себептерин жокко чыгаруу максаттары үчүн детализацияланат талданат.

Баа берүү – бул план жөнүндө ой-пикирлерди айтуу, ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана анын өнүгүүсүнүн келечектери тууралуу чечимдерди кабыл алууга колдоо көрсөтүү үчүн планды аткаруунун жүрүшү жана анын натыйжалары жөнүндө маалыматтарды комплекстүү топтоо.

**Мониторинг жүргүзүү жана баа берүүнүн негизги функциялары:**

- Планды ишке ашыруу процессин көзөмөлдөө;
- Аткаруучулардын иш-аракеттерин фиксациялоо;
- Түзөөчү иш-аракеттерди өткөрүү үчүн негиз түзүү;
- Ишке ашырылып жаткан планга баа берүү үчүн маалыматтык базаны түзүү;
- Планга ылайык ишмердүүлүк жүргүзүлдү беле жана ресурстардын чыгымдалышын аныктоо;
- Пландан кандай чегинүүлөр болгонун аныктоо жана алар акталганбы;
- Иш-аракеттердин планын ишке ашыруунун бүт аралыгында туруктуу же мезгилдүү процесс болушу.

Мониторинг жүргүзүү жана баа берүү аларды өткөрүүдө бир нече этаптардын болуусун божомолдойт.

**Мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн этаптары** (бул жерде мониторингдин объектисине жараша кеңейтиле же кыскартыла турган этаптардын болжолдуу тизмеси берилген):

1. Мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн ыкмасын аныктоо (МЖжББ).
2. МЖжанаББ максаттарын жана милдеттерин аныктоо (иш-аракеттердин планын изилдөөнүн негизинде ).
3. Өнөктөштөрдүн катышуу деңгээлине талдоо жүргүзүү (алардын кызыкчылыктары, күтүүлөрү, иш-чараларды өткөрүү салымдары).
4. МЖжББ үчүн пландын максаттарына жана милдеттерине жетүү боюнча индикаторлорду белгилөө жана аларды алуу булактары (графиктер, отчеттор,каттоо журналдары, иш-чарага катышуучулардын тизмеси, пландык жыйналыш, жазуу жүзүндө сурамжылоо, анкеталар ж.б).
5. Биргелешкен баа берүүнү өткөрүү процессин пландоо.
6. Маалыматтарды топтоо.

7. Маалыматты талдоо, маалыматтарды алуу жана жыйынтыктарды колдонуу.
8. Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун жыйынтыктарын презентациялоо (жыйналыш, конференция, пресс-конференция, жалпы маалымат каражаттарында чагылдыруу).
9. Мониторингдин жана баалоонун эффективдүүлүгүнө баа берүү. Иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу.

## *7 КАДАМ. АРАКЕТЕНҮҮ ПЛАНЫНА ТҮЗӨТҮҮ КИРГИЗҮҮ*

**Иш-аракеттердин планын түзөтүү жетишилген жыйынтыктарды жана өзгөргөн жагдайларды эске алуу менен, башкача айтканда мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча ишке ашырылат. Аяктоо этабы** – мында долбоор жыйынтыктоочу мониторинг жүргүзүүгө жана иш-аракеттердин жалпы планынын жыйынтыктарына баа берүүгө багытталат. Иш-аракеттердин планы анын мөөнөтү бүткөндөн кийин жана ага коюлган максаттарга жеткенден кийин бүтөт. Кээде иштердин бүтүшү күтүлбөгөн жерден жана ишмердүүлүк график боюнча аяктаганга чейин чечим кабыл алган учурларда мезгилсиз болушу мүмкүн. Иш-аракеттердин планы аяктаганда, аялдар кеңешинин жетекчиси бир катар аяктоочу иш-чараларды аткаруусу керек. Алардын конкреттүү топтому иш-аракеттердин планына көз каранды.

Мисалы:

Эгерде долбоордо жабдуу колдонулса, ага карточка ачып, жана аны жаңы пайдалануу үчүн берсе болот. Ар жыл сайын амморизациясын эсептеп отчет жүргүзүп туруусу зарыл;

- ✓ Аткарылган иш-чаралардын натыйжалары жергиликтүү жамаатты канааттандырарын аныктоо;
- ✓ Жергиликтүү жамааттын лидер аялдарга мамилеси өзгөрүлдүбү;
- ✓ Лидер аялдар чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүдө жана тынчтыкты орнотууда жигердүү катыштыбы?

Аялдар кеңешинин жетекчиси жыйынтыктоочу отчетту даярдоого өзгөчө көңүл бурушу керек. Аялдардын лидерлигин өнүктүрүүдө жана тынчтыкты орнотуу процессинде, чыр-чатактарды чечүүдө аялдардын катышуусу менен топтолгон иш тажрыйба төмөнкү корутундуларды жана сунуштарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет:

- ➢ Жергиликтүү коомдук күчтөрдү жана ресурстарды аялдардын жана жаш кыздардын укуктарын ишке ашырууда жана илгерилетүүдө жигердүү тартуу керек;
- ➢ Коомдук түзүмдөрдүн алдына чоң максаттарды коюп жана ошол эле учурда аларды колдоп, алардын шыктануусун, билимин жана башка мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу керек;
- ➢ Жергиликтүү коомдук түзүмдөрдүн лидерлери менен сүйлөшүп жана чакан жана чоң иштерди чечүү үчүн иш байланыштарын түзүү менен, сиздер өзүңөрдүн ишмердүүлүгүңөрдүн ресурстук «талаасын» гана кеңейтпестен, ошондой эле конструктивдүү сунуштар менен да, наарazычылык менен да уюштурулбаган жеке жолугушуулардын жана мүмкүн болгон «арызданууларга» бөгөт коюп жатасыздар;
- ➢ Коомдук уюмдарга жана демилгелерге чакан конкреттүү иш-чараларда жана долбоорлорго катышуу менен бирге, алдыга амбициялык пландарды да коюу мааниге ээ. Мындай максаттар иш-аракеттердин биргелешкен планын иштеп чыгууну демилгелөө, жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүү боюнча коомдук кеңешти түзүү же аялдар үчүн маалыматтык борборун ачуу болушу мүмкүн. Бул идеялар менен (алдын ала жазуу түрүндө таризделген) жергиликтүү жетекчиликке тартынбай баруу керек. Унутпагыла: көпчүлүк учурларда жергиликтүү бийлик коомчулукту

өнүктүрүүгө «иштей турган» жаңы келечектүү идеяларга жана долбоорлорго зар болушат. Силерди өнөктөш жана кесиптеш катары, бирок өтүнүүчү катары эмес күтүшөт. Өзүңөрдүн дараметиңерди көрсөтүү маанилүү, өзүңөрдүн долбооруңарга кызыктырып, аны ишке ашыруудан күтүлүүчү пайдаларды көрсөтүү зарыл. Ошондо силерди угушат жана колдошот;

- Иш-аракеттер планын жергиликтүү лидер тарабынан колдоого алуусу жана тилектештердин командасынын болушу – ийгиликтин маанилүү шарты;
- Иш-аракеттердин планы менен иштөөгө чейин кеңири маалыматтык-түшүндүрүүчү иштер жүргүзүлүшү керек, андай болбосо «уруктар ташка түшөт»;
- Жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү (болбоду дегенде калктын жигердүү тобунун атынан) иш-аракеттердин планын ишке ашыруу үчүн «жетилиши» керек, бул ишке кызыкчылыкты сезиши керек, анын авторлору жана силер менен бирге аткаруучулар болушу керек.

## *8 КАДАМ. АЯЛДАР КЕҢЕШИ- КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАР КАТАРЫ*

Бул жетектеме аялдар кеңешине демилгелүү топтун ишин жүргүзүүдө ар кандай уюштуруу-укуктук формаларын карап көрүүнү сунуштайт. КР мыйзамдарына ылайык, бир максатты көздөгөн демилгелүү топтор коммерциялык эмес уюм катары каттоодон өтүү менен же каттоосу жок топтор катары да иш жүргүзө берсе болот.

### Коммерциялык эмес уюмдар деген эмне? (КЭУ)

Кыргыз Республикасынын «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамына ылайык - ыктыярдуу, өзүн өзү жөнгө салган, физикалык же юридикалык жактардан турган, мүчөлөрүнүн жана коомчулуктун руханий жана материалдык эмес кызыкчылыктарын ишке ашыруу максатында биригип, пайда болгон киреше болсо аны мүчөлөрдүн же жетекчилердин, уюштуруучулардын арасында бөлүштүрбөй, уюмдун өнүгүүсүнө жумшай турган уюм.

### УКУКТУК УЮШТУРУУ ФОРМАСЫ

Коммерциялык эмес уюмду түзүүдөн мурда, кайсы уюштуруу-укуктук формасы туура келерин карап көрүү зарыл. Биздин мамлекетте Кыргыз Республикасынын КР граждандык Кодексине ж.б мыйзамдарында каралган формаларына туура келген уюм түзүүгө болот. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөнкү уюштуруу-укуктук формалар бекитилген.

| | |
|---|---|
| **1) Коомдук бирикме** | **9) Биржа фондусу** |
| **2) Фонд** | **10) Кредиттик союз** |
| **3) Мекеме (Учреждение)** | **11)Баалу кагаздар рыногунун кесипкой катышуучуларынын өзүн жөнгө салуучу уюму** |
| **4) Юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциация)** | **12) Мамлекеттик эмес пенсиялык фондусу** |
| **5) Кооператив (коммерциялык эмес)** | **13) Профсоюз** |
| **6)Турак жай менчик ээлеринин шериктештиги (кондоминиум)** | **14) Жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси** |
| **7) Суу колдонуучулардын Ассоциациясы** | **15)Саясий партия** |
| **8) Жамаат (коомдук уюм)** | **16) Диний уюмдар** |

Ушул колдонмодо аялдар кеңешинин өнүгүү жолундагы учурга ылайык келген коммерциялык эмес уюмдардын үч уюштуруу- укуктук формалары берилген: Коомдук бирикме, фонд жана мекеме.

**КООМДУК БИРИКМЕ**

*- бул руханий жана материалдык эмес керектөөлөрдү канаattандыруу үчүн жарандардын кызыкчылыктарынын жалпылыгынын негизинде бириккен топтун ыктыярдуу бирикмеси. Башкаруунун жогорку органы мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу болуп саналат. КБ мүчөлөрүнүн жалпы чогулушун анын аткаруучу органы түзөт. КБ өзгөчөлүгү анын түзүүнүн максаттары негизинен бул уюмдун мүчөлөрүнүн активдүү иши аркылуу жетишилет. Мисалы, демилгелүү адамдарды тобу (3төн кем эмес) КБ түзүү жөнүндө чечимди өз алдынча кабыл алышат жана юстиция органдарында каттоодон өтөт.*

**ФОНД**

*- бул ыктыярдуу мүлктүк төлөмдөрдүн негизинде жеке жана юридикалык жактар уюштурган мүчөлүгү жок уюм жана социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүүчү жана башка коомдук пайдалуу максаттарды көздөйт. Коомдук бирикмеден айырмаланып фонддун өзгөчөлүгү анын мүчөлүгү жок, аны түзүүнүн негизи ыктыярдуу мүлктүк төлөмдөр, аларды уюштуруучулар белгилүү максаттарга колдонуу үчүн фондго өткөрүп берет. Мисалы, бир же андан ашык адамдардын демилгеси боюнча түзүлөт*

**МЕКЕМЕ**

*-бул башкаруучулук, социалдык-маданий, билим берүүчү жана коммерциялык эмес мүнөздөгү башка функцияларды ишке ашыруу үчүн менчик ээси түзгөн уюм жана аны менчик ээси толугу менен же жарым-жартылай каржылайт. Мекеме мүчөлүк эмес уюм болуп саналат жана коомдук пайдалуу максаттарда башка функцияларды ишке ашыруу үчүн түзүлөт. Мисалы, мэрия же муниципалдык аймактык башкармалык мекемени түзүүдө уюштуруучу болуп чыга алат.*

**Кыргыз Республикасында коммерциялык эмес уюмдар юридикалык түзүм болуп же юридикалык түзүмдү уюштурбай эле түзүлүшү мүмкүн.** Ал жөнүндө КР «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамдын 6 беренесинде айтылган. Демек, КР мыйзамдары каттоодон өткөн уюмдар менен катары юридикалык каттоодон өтпөгөн уюмдарды түзүү мүмкүнчүлүгүнө шарт түзөт.

Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдардын укуктук абалы каттоодон өткөн уюмдардын абалынан көп айырмачылыгы болот:

1) Каттоодон өтпөгөн уюмдар каттоодон өткөн уюмдардын ыйгарым укуктарындай укукка ээ эмес:

- менчиктик укукка ээ боло албайт, чарба иштерине жана оперативдүү башкарууну, мүлк сатуу ж.б мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарды жана милдеттерди ишке ашыруу (мисалы, келишимдерди түзүү, уюмдун атынан патентти каттоо);

2) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдун мүлкү, түзүүчүлөрдүн ортосунда түзүлгөн келишимдин шартына ылайык уюштуруучулардын үлүштүк менчиги болуп калуу мүмкүнчүлүгү бар;

3) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдун банктагы счету бир же бир нече уюмдун мүчөлөрүнүн тапшырма келишими аркылуу ачылат;

4) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюм башка уюмдар менен бүтүмгө үчүнчү жактын катышуусу менен же ушул сыяктуу тапшырма келишими үчүн атайын ишеним кагазы бар уюмдун мүчөлөрү менен келише алат;

5) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдун уюштуруу-укуктук документтери болушу мүмкүн, бирок милдеттүү түрдө эмес ( устав, уюштуруучулардын келишими, ж.б); 6) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдун аты болушу мүмкүн, бирок милдеттүү түрдө эмес, ошол

эле учурда башка уюмдардын укугун бузуу жолу менен ат коюуга болбойт, бул уюмдун аты мыйзам аркылуу корголбойт жана башка ушундай аты бар, же окшош аты бар уюмдар дагы болуп, ыңгайсыздык болушу мүмкүн;

7) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмга жана анын донордук уюмуна мыйзам тарабынан бекитилген салык боюнча атайын шарттар каралган эмес;

8) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдар өзүнүн атынан жеке ишкердик кылууга укугу жок (бирок ушул уюмду түзүүчүлөр өз алдынча ишкердик аракетин кошумча катары же шериктештик катары аткара алат);

9) Каттоодон өтпөгөн коммерциялык эмес уюмдар лицензия аркылуу аткарылуучу иштерди аткаруусуна мыйзам жол бербейт;

**Юридикалык жак катары каттодон өткөн коммерциялык эмес уюмдун оң жагы да терс жагы да бар.** Оң жактары катары жогоруда айтылгандай, укуктары бар. Ал эми терс жактары болсо:

- биринчиден, каттоо учурунда жана уюштуруу документтерин камдоодо, кол тамгаларын бекитүүдө нотариаттык кызматтар, мөөрдү даярдоодо, банктагы счетторду ачууда белгилүү өлчөмдөгү чыгымдар ж.б;
- экинчиден каттоого карата документтерди дайындоого, юстиция органдарына баруу ж.б иштерге кеткен бир топ убакыт;
- үчүнчүдөн каттоодон кийин салык органдарына жана социалдык фонддон каттоодон өткөндөн кийин, уюмдун бухгалтери болуп, айлык акы эсептеп салык, страховой салымдарды төлөө жумуштары, ж.б. Уюмдун бир мүчөсү бул жоопкерчиликти мойнуна алып, финансылык көрсөткүчтөр жок учурда, ноль көрсөткүчтөрү менен фискалдык органдарга отчетту тапшырып турса болот

**Уюштуруу- укуктук форманы тандоо**

Коммерциялык эмес уюмдар каттоодон өтөөр астында уюштуруу- укуктук формасын тандоо керек. Кыргыз Республикасында уюштуруу-укук формасы жарандык кодекс ж.б мыйзамдар тарабынан каралган коммерциялык эмес уюмдар иштей алат. Жогоруда айтылгандай Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бүгүнкү күндө жок дегенде коммерциялык уюмдардын 16 уюштуруу-укуктук формалары бар. Уюштуруу -укук формасын тандоо бул уюмдун кандай максатты көздөп түзүлүп жатканына түздөн-түз көз каранды болот. Юридикалык жак катары мамлекеттик каттоодон өтүш үчүн кандай документтерди дайындоо керек экенин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каттоо боюнча мыйзамдары менен жакшылап таанышуу зарыл.

## КООМДУК БИРИКМЕНИ КАТТОО ҮЧҮН:

1. Мамлекеттик каттоо реестринде турган башка уюмдун атына окшобогон уюмга ат тандоо керек.
2. Төмөнкү документтерди дайындап каттоого өткөзүү керек:

- Каттоо үчүн арыз (формасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №31 Токтому менен бекитилген 28.01.2011ж );

- Коомдук бирикмени түзүү жөнүндөгү чечим (Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн каттоо боюнча мыйзамдын 11 беренесине ылайык:

- Коомдук бирикменин жетекчиси кол койгон 2 экземпляр устав;

- Коомдук бирикменин мүчөлөрүнүн тизмеси. Тизмеде аты жөнү, туулган жылы, ээлеген кызматы, жашаган жери жазылат;

Бул тизмедеги бирикменин уюштуруучуларынын кол тамгасы нотариустан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

-Түзүлүп жаткан жаткан уюмдун жетекчисинин паспортунун көчүрмөсү;

## КООМДУК ФОНДДУ КАТТОО ҮЧҮН ЗАРЫЛДЫКТАР:

1. Мамлекеттик каттоо реестринде турган башка фонддун атына окшобогон уюмга ат тандоо керек.
2. Төмөнкү документтерди дайындап каттоого өткөзүү зарыл:

- каттоо үчүн арыз (формасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №31 Токтому менен бекитилген 28.01.2011ж );
- Коомдук фондду түзүү жөнүндөгү чечим (Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн каттоо боюнча мыйзамдын 11 беренесине жана КР « Коммерциялык эмес уюмдары жөнүндө» мыйзамынын 25 беренесине ылайык). Фондду уюштуруучуларынын фондду түзүү боюнча чечимине кол коюлуп, ал кол тамгалар нотариустан күбөлөндүрүлүшү керек;
- Коомдук фонддун жетекчиси кол койгон уставдын 2 нускасы;
- Коомдук фондунун жетекчи органдарынын мүчөлөрүнүн тизмеси. Тизмеде аты жөнү, туулган жылы, ээлеген кызматы, жашаган жери жазылат;
- Коомдук фондунун уюштуруучуларынын тизмеси төмөнкү маалыматтары менен:

а) аты-жөнү,туулган жылы, жашаган жери эгерде уюштуруучу жеке адам болсо. Уюштуруучулардын тизмеси да нотариустан күбөлөндүрүлүшү керек.

б) коомдук фонддун уюштуруучулары юридикалык жактар болсо, анда юридикалык уюмдардын аты, каттоодон өткөн (кайрадан катталган) датасы. Юридикалык уюмдун жетекчисинин тизмеде колу уюмдун печаты менен бекитилиши керек же нотариустан күбөлөндүрүлүшү керек;

-фондду уюштуруучу жеке жактардын паспортторунун көчүрмөсү;

- фонддун уюштуруучу юридикалык жактардын каттоодон өткөндүгү тууралу күбөлүгү- жергиликтүү юридикалык жактар үчүн;
- эгерде уюштуруучу катары чет мамлекеттик юридикалык жак болсо, анда ал ошол мамлекетте катталгандыгын тастыктаган мамлекеттик каттоонун көчүрмөсү;
- бул көчүрмөнүн алган мөөнөтү 6 айдан ашык болбошу керек;

Чет мамлекеттик юридикалык жактын документтерин мыйзамдаштыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын ал мамлекет менен эл аралык деңгээлдеги келишиминин болушун талап кылбайт.

- уюштурулуп жаткан коомдук фонддун жетекчисинин паспортунун көчүрмөсү;

**Маалыматтуулук үчүн:**

- коомдук фондду укукка жа милдетке жөндөмдүү бир же бир нече жеке адамдар же, юридикалык жактар түзүүчүлөр боло алат;
- коомдук фонд соттун чечими менен гана жоюлушу мүмкүн;

- эгерде документтерди чет тилде түзүлгөн болсо, ал расмий тилге которулуп, нотариустан күбөлөндүрүлүп туруп каттоо органыны тапшырылууга тийиш;
- чет өлкөлүктөрдүн катышуусу менен болсо, ал коомдук фонд Адилеттик министрлигинен каттодон өтөт, эгерде жергиликтүү жарандар жана юридикалык жактар болсо, аймактык юстиция органдарынан эле каттоодон өтөт;

**Документтерди кабыл алуу убактысы:** күнүгө саат 9-30 - 14-00го чейин;

**Уюмдун атын базадан текшерүү, документтерди берүү:** күнүгө саат 14-00 17-00го чейин;

**Каттоо мөөнөтү:** юстиция Министрлигине документтерди тапшыргандан кийин 10 күндүн ичинде.

**Каттоо үчүн болгон төлөмдүн квитанциясын да тапшыруу керек.**

## КАТТОО ҮЧҮН УЮШТУРУУ ДОКУМЕНТТЕРИНИН ИЧИНДЕ:


В Кыргыз Республикасынын «коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” 15 октябрь 1999жыл № 111 мыйзамдын 10 беренесине ылайык (мындан ары «КЭУ жөнүндө закон»),коммерциялык эмес уюмдун уставында ушул маалыматтар болушу анык:

- ✓ уюмдун толук жана кыскартылган аты, юридикалык дареги;
- ✓ уюштурулушунун жана иш чараларынын максаты, уюмдун иштешин башкаруу тартиби
- ✓ башкаруу, көзөмөлдөө органдары, ревизия боюнча комиссиясы жана анын компетенциясы, шайлоо тартиби, жоопту кызматкерлердин милдеттери жоопкерчилиги
- ✓ мүчөлөрдү кабыл алуу жана чыгуу тартиби, укук жана милдеттери
- ✓ уюштуруу документтерине өзгөртүү киргизүү тартиби жана кайра түзүү, жоюлуу тартиби;
- ✓ эгерде жоюлуу учуру каралса, анда мүлктөрүн бөлүштүрүлүшү;
- ✓ фонддор менен мекемелер үчүн - уюмдан жардам алуучу адамдардын чөйрөсү чектелбеген учурларды албаганда, уюмдан жардам алуучу адамдардын чөйрөсү;
- ✓ уюмдун иштөө мөөнөтү эгерде ал жөнүндө эске алынган болсо. Уставда “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү” мыйзамга карама-каршы келбеген башка жоболор да камтылышы мүмкүн. Эгерде Уставдын жоболору бул мыйзамга туура келбесе, анда ушул коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү мыйзам гана колдонулушу керек. Уставды өзгөртүү же кошумчалоо уюмдун жогорку Башкаруу органдарынын чечими менен болушу керек. “Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү” мыйзамдын 25 беренесине ылайык, фондду түзүү чечими менен бирге төмөнкү маалыматтар да болушу керек:
- ✓ фонддун аты, юридикалык адреси;
- ✓ уюштуруучулардын тизмеси, аты- жөнү, туулган айы-жылы, үй адреси, телефон номерлери, жана ошондой эле юридикалык статусу бар уюштуруучулардын аты, адреси, каттоодон өткөн номери жана күнү, айы, байланыш телефон номерлери;
- ✓ уюштуруучулар тарабынан фондго акчалай же башка формада берилип жаткан мүлктүн баасы, жана өткөзүп берүү тартиби;
- ✓ мекеменин аты, юридикалык адреси;
- ✓ менчик ээлеринин тизмеси- аты-жөнү, туулган жылы, адреси, телефон номерлери, ошондой эле мекеменин уюштуруучуларынын аты, юридикалык адреси, каттоодон өткөндүгү жөнүндө

маалыматтар, байланыш телефон номерлери;

- ✓ уюштуруучулар тарабынан мекемеге акчалай же башка формада берилип жаткан мүлктүн баасы, жана өткөзүп берүү тартиби;
- ✓ мекеменин уставын бекитүү жөнүндө;
- ✓ мекеменин башкаруу органынын жана Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн аты-жөнү, адреси;

## КАТТОО ПРОЦЕССИ




***Маалымат катары:***

*- коомдук бирикмени түзүүчүлөр ишке жарамдуу 3 жарандан кем эмес болушу зарыл;*

*- коомдук бирикменин мүчөлөрү жеке жарандар гана боло алат;*

*- чет тилде түзүлгөн уюштуруу уюктук документтери мамлекеттик же расмий тилге котормосу нотариат аркылуу тастыкталган болушу зарыл;*

*- чет өлкөнүн жараны коомдук бирикменин уюштуруучуларынын курамында бар болсо, анда ал уюм юстиция министрлигинен катталат, эгерде жалаң КР жарандары тарабынан уюштурулса, анда аймактык юстиция*

**КЭУну түзүү, каттоо боюнча кошумча маалыматты төмөнкү шилтемелерден ала аласыздар:**

http://minjust.gov.kg/ru/section/view/id/13

түзөтүлгөн шилтемени ICNL колдонмосуна коюу http://www.ihahr-nis.org/files/Creation-of-NGO-in-Kyrgyzstan-2011-(Rus)_0.pdf

*1 http://www.ihahr-nis.org/files/Creation-of-NGO-in-Kyrgyzstan-2011-(Rus)_0.pdf*



# ТИРКЕМЕЛЕР

## №1 ТИРКЕМЕ.

**АЯЛДАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

«Кабыл алынды»
« ________________________»
(Аялдар  кеңешинин аталышы)
Аялдар кеңешинин
Жалпы чогулушунун 2019-жылдын
« __» - __________ чечими

«Бекитилди»
Бишкек шаарынын № ___ МАБнын
начальниги
2019-жылдын « __» –________________

**Бишкек шаарынын №___МАБнын**
**«_______________________» Аялдар кеңеши жөнүндө**
**(аялдар кеңешинин аталышы)**
**ЖОБО**

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «_____________________» Аялдар кеңеши жөнүндө ушул жобо (мындан ары – ЖОБО) № _____МАБнын аймагында иш алып барган «_________________» Аялдар кеңешинин (мындан ары – Аялдар кеңеши) ишинин укуктарын, милдеттерин жана тартибин жөнгө салат.
1.2. Аялдар кеңеши ыктыярдуу, көз карандысыз, өзүн-өзү башкаруучу коомдук уюм болуп саналат, ал МАБнын атынан  жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана «_____________» жаңы конушунун калкынын жашоо-турмушун камсыз кылган мамлекеттик уюмдар, коомдук алдын-алуу борбору, жаштар комитети жана башка коомдук жана эл аралык уюмдар, ЖМКлар менен тыгыз кызматташтыкта жана өнөктөштүктө иштейт.
1.3. Аялдар комитети өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын  мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.
1.4. Аялдар кеңеши өзүнүн коомдук ишин төмөнкү принциптерге негиздейт:

- ыктыярдуулук;
- тең укуктуулук;
- өз алдынча башкаруучулук;
- ачыктык жана мыйзамдуулук;
- алмашуучулук (Аялдар кеңешинин төрайымын кайра шайлоо зарылдыгы болсо);
- чечимдерди кабыл алууда коллегиалдуулук жана тапшырылган иш үчүн жеке жоопкерчилик.

1.5. Курагына, дин тутуусуна, билимине, социалдык абалына карабастан №____МАБнын аймагына таандык жаңы конуштардын активдүү жана демилгелүү тургундары Аялдар кеңешинин мүчөлөрү боло алат.

## 2.АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1. «________________________________» Аялдар кеңеши (мындан ары – Аялдар кеңеши) аялдар коомчулугун бириктирүү, жашоо-турмуштун социалдык-маанилүү маселелери, анын ичинде үй-бүлөнү, энеликти, балалыкты коргоо, ________МАБнын аймагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана аялдарга жана кыздарга карата зомбулук аракеттерин болтурбоо боюнча чечимдерди кабыл алуу процесстерине алардын катышуусун жигердештирүү жана кыйла жагымдуу шарттарды түзүү максатында түзүлгөн.

2.2. Коюлган максаттарга жетишүү үчүн Аялдар кеңеши өзүнүн алдына төмөнкү милдеттерди коет:

2.2.1. бакубат шарттарды түзүү жана аялдарды жигердүү коомдук ишке тартуу;

2.2.2. аялдардын өлкөнүн коомдук-саясий, социалдык жана маданий турмушуна бирдей катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

2.2.3. мамлекеттик үй-бүлө саясатын жана аялдардын абалын жакшыртуу жагында саясатты ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;

2.2.4. аялдарга жана кыздарга карата жасалган зомбулуктун бардык түрлөрүн болтурбоо жана коопсуздукту камсыз кылууга көмөк көрсөтүү;

2.2.5. аялдардын укуктарын жана таламдарын, энеликти жана балалыкты коргоо жана үй-бүлөнү, энени жана баланы социалдык коргоонун жана жардам көрсөтүүнүн натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгуу;

2.2.6. үй-бүлөнүн статусун бекемдөө жана үй-бүлөнү коргоо;

2.2.7. (ДМЧА) ден-соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген адамдары жана улгайган адамдары бар үй-бүлөлөргө колдоону камсыз кылуу, алардын эс алуусун уюштуруу.

2.2.8. бардык деңгээлдеги ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна жана мамлекеттик программаларга сунуштарды иштеп чыгууга катышуу;

2.2.9. аялдардын, балдардын, улгайгандардын ден соолугун сактоону камсыз кылууга көмөк көрсөтүү, жаңы конуштун аймагында балдардын көзөмөлсүз калышын жана өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын-алуу;

2.2.10. көп балалуу үй-бүлөлөргө, жалгыз бой энелерге, жаш үй-бүлөлөргө, кыйын турмуштук кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө, майыптарга, улгайгандарга жардам көрсөтүү;

2.2.11. үй-бүлө баалуулуктарын, сергек жашоо ыңгайын, жаштарды руханий-ахлактык тарбиялоого пропагандалоо жана башкалар.

## 3. АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Аялдар кеңешинин мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1.1. чогулуштарды, конференцияларды өткөрүү маселеси боюнча өз алдынча чечимдерди кабыл алууга, аялдардын жана кыздардын кызыкчылыктарын эске алып жергиликтүү шарттарды, аялдар кыймылынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен иштин багыттарын жана ыкмаларын аныктоого;

3.1.2. өзүнүн мүчөлөрүн кабыл алуу жана чыгаруу маселелерин чечүүгө;

3.1.3. Төрайым жана катчы катары шайлоого жана шайланууга;

3.1.4. Аялдар кеңеши жөнүндө ушул жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө;

3.1.5. өзүнүн ишинин формаларын, ыкмаларын аныктоого жана Аялдар кеңешинин ишинин ар жылдык планын иштеп чыгууга;

3.1.6. Аялдар кеңешинин жалпы чогулушунун чечими менен Аялдар кеңешинин ишин токтотууга;

3.1.7. аялдарды коомдук ишке тартууга, аларды ушул Жободо көрсөтүлгөн Аялдар кеңешинин максаттарына жана милдеттерине жетишүүгө багытталган ар кандай иш-чараларды уюштурууга тартууга;

3.1.8. аялдардын жана кыздардын укуктарын жана кызыкчылыктарын козгогон курч социалдык проблемаларды чечүүгө коомчулуктун, мамлекеттик уюмдардын жана башка социалдык институттардын көңүлүн бурууга;

3.1.9. Аялдар кеңешинин максаттарына жана милдеттерине, ар жылдык иш планына ылайык муниципалдык жана башка иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө;

3.1.10. каалаган талкууланууучу маселе боюнча жеке пикирди эркин билдирүүгө;

3.1.11. Аялдар кеңешинин сунуштарын МАБда кунт коюп каралышына ниеттенүүгө;

3.1.12. Аялдар кеңешинин кайрымдуулук ишине катышууга.

3.2. Аялдар кеңешинин мүчөлөрү төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.2.1. Аялдар кеңешинин максаттарына жана милдеттерине, ар жылдык иш планына ылайык иш-чараларга колдон келишинче жеке катышууга жана уюштурууга жана өткөрүүгө жардам берүүгө;

3.2.2. социалдык жана башка мекемелердин ишине практикалык жардам көрсөтүүгө;

3.2.3. Аялдар кеңешинин жыйналыштарына катышууга;

3.2.4. аялдардын, кыздардын, балдардын жана үй-бүлөнүн укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү калктын жазуу жана оозеки кайрылууларын кароого;

3.2.5. социалдык милдеттерди чечүү үчүн демөөрчүлүк каражаттарды тартууга жана башкалар.

## 4. АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ИШИН УЮШТУРУУ

4.1. Аялдар кеңеши 7 ден 15 адам санында 3 жыл мөөнөтүнө узартуу укугу менен шайланат.

4.2. Аялдар кеңешинин мүчөлөрү болуп №___МАБнын деңгээлинде тийиштүү кварталдын аялдарынын кызыкчылыктарын билдирүү үчүн кварталдын чогулушунда шайланган жана МАБнын начальнигинин токтому менен бекитилген аялдар болуп саналат.

4.3. Аялдар кеңешинин жогорку органы болуп Аялдар кеңешинин Жалпы чогулушу саналат, ал Иш планына ылайык кварталына бир жолудан кем эмес чакырылат.

4.4. Чечимдерди кабыл алуунун негизги формасы Аялдар кеңешинин жыйналыштарын өткөрүү болуп саналат.

4.5. Аялдар кеңешинин жыйналышы эгерде ага Аялдар кеңешинин жарымынан көбү катышса ыйгарым укуктуу деп эсептелинет.

4.6. Аялдар кеңешинин чечимдери Аялдар кеңешинин катышып отурган мүчөлөрүнүн добуштарынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана жыйналыштын протоколунда таризделет.

4.7. Аялдар кеңешинин чечимдери сунуштама мүнөзүндө болот .

4.8. Аялдар кеңеши ар жылдык иш планына ылайык иштейт, ал ишке ашыруу зарыл болгон иш-чаранын мөөнөттүүлүгүнө жана пландуулугуна жараша Аялдар кеңешинин жыйналышында бекитилет жана түзөтүлөт.

4.9. Аялдар кеңеши ишинин айрым багыттары боюнча Аялдар кеңешинин ишинин ар жылдык планына ылайык комитеттерди түзө алат.

4.10. Аялдар кеңеши өзүнүн иши жөнүндө калкты кварталдык комитеттер, МАБтагы, ФАПтагы жана башка жерлердеги маалыматтык такта аркылуу системалуу маалымдоо жүргүзөт.

## 5. АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ТӨРАЙЫМЫ ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫ

5.1. Аялдар кеңешинин төрайымы, анын орун басары жана катчысы Аялдар кеңешинин Жалпы чогулушунда узартуу укугу менен 3 жылдык мөөнөткө түздөн-түз шайланат. Мөөнөтүнөн мурда орун бошогон учурда башкасы кайра шайланат.

5.2. Аялдар кеңешинин төрайымы каттоо документтери үчүн жана иш мөөнөтү аяктагандан кийин же башка себептер боюнча позиция бошогондо, аны Аялдар кеңешинин кайра шайланган Төрайымына, орун басарына өткөрүп берилиши үчүн жеке жоопкерчилик тартат жана уюштуруу укуктук документтеринин сакталышына да жоопту болот

5.3. Аялдар кеңешинин төрайымы, ал жокто анын орун басары:

5.3.1. Аялдар кеңешинин ишине жалпы жетекчиликти ишке ашырат;

5.3.2. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана башка коомдук уюмдарда Аялдар кеңешинин кызыкчылыктарын билдирет;

5.3.3. бекитилген иштин ар жылдык планына ылайык ишти уюштурат;

5.3.4. Аялдар кеңешинин жыйналышына ар жылдык иш планды кароого жана бекитүүгө даярдайт;

5.3.5. Аялдар кеңешинин жыйналыштарынын өткөрүү убактысын жана ордун аныктайт;

5.3.6. Аялдар кеңешинин жыйналыштарында Аялдар кеңешинин жыйналышын алып барат жана төрайымдык кылат;

5.3.7. Аялдар кеңешинин иши жөнүндө отчеттуулукту ишке ашырат;

5.3.8. Аялдар кеңешинин иши жөнүндө калкка маалымдоого ыйгарым укуктуу.

5.4. Аялдар кеңешинин катчысы:

5.4.1. Аялдар кеңешинин жыйналыштарынын өткөрүү орду, убактысы жана күн тартиби жөнүндө маалымдайт, Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнө Аялдар кеңешинин жыйналыштарына талкуулоо үчүн зарыл маалыматты (WhatsApp тиркемеси ж.б. боюнча таратса болот) таркатууну ишке ашырат;

5.4.2. Аялдар кеңешинин жыйналыштарына материалдарды уюштуруучулук жактан даярдоону камсыз кылат;

5.4.3. протоколду жүргүзүүнү камсыз кылат;

5.4.4. Аялдар кеңешинин төрайымынын жана анын орун басарынын тапшырмаларын аткарат.

## 6. ЭСЕПКЕ АЛУУ ДОКУМЕНТТЕРИ

6.1. Аялдар кеңешинин эсепке алуу документтери төмөнкүлөр болуп саналат:

6.1.1. Аялдар кеңешинин ишинин ар жылдык планы;

6.1.2. Аялдар кеңешинин жыйналышынын протоколдору;

6.1.3. Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмеси;

6.1.4. Аялдар кеңешинин аткарган иши жөнүндө квартал сайынкы жана даяр отчеттору .

## 7. АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШ БУЛАКТАРЫ

7.1. Аялдар кеңеши өткөрүүчү иш-чаралар, маалыматтык жолугушуулар, акциялар эл аралык жана улуттук уюмдардан социалдык долбоорлорго ыктыярдуу берүүлөрүнөн, кайрымдуулук акцияларынан, гранттарынан түшкөн акча каражаттарынан эсебинен же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик органдар бөлгөн каражаттардын эсебинен финансыланат.

**№ 1 ҮЛГҮ**

**_______________жаңы конуштагы №_____МАБнын Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмеси**

| № п/п | ФАЖ | Иштеген жери, кыз-мат орду | Туулган жылы, күнү | Жашаган жери | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

Датасы_______

Аялдар кеңешинин төрайымы: ФАЖ _________________колтамгасы

Аялдар кеңешинин катчысы: ФАЖ _________________колтамгасы

**№ 2 ҮЛГҮ**

**_____________жаңы конушунун**

**№_____ МАБнын Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун**

**№ ___ ПРОТОКОЛУ**

**Бишкек ш.** **2019-жылдын «__»_______**

**Катышкандар:**

1. _______________Аялдар кеңешинин төрайымынын ФАЖы;
2. ______________Аялдар кеңешинин төрайымынын орун басарынын ФАЖы;
3. _________________ Аялдар кеңешинин катчысынын ФАЖы;
4. _________________ Аялдар кеңешинин мүчөсүнүн ФАЖы;
5. _________________ Аялдар кеңешинин мүчөсүнүн ФАЖы;
6. …
7. …

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Аялдар кеңеши жөнүндө жобону бекитүү;

2. Аялдар кеңешинин төрайымын жана төрайымынын орун басарын, Аялдар кеңешинин катчысын шайлоо;

3. 2019-жылга ар жылдык иш планын бекитүү

4. Ар жылдык иш планына ылайык № 2 иш-чараны уюштуруу жөнүндө маселени талкуулоо;

5. …

Күн тартиби бир добуштан кабыл алынды.

Биринчи маселе боюнча .........ФАЖын угушту, ал Аялдар Кеңеши жөнүндө жобонун долбоору менен тааныштырды.

Добушка коюлат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары: макул – 7, каршы – жок, добуш берген жок – жок.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

**ЧЕЧИМ:**

Аялдар кеңеши жөнүндө жобо бекитилсин (тиркелет).

Экинчи маселе боюнча .............ФАЖы угушту, ал жалпы чогулушка төмөнкүлөрдү шайлоону сунуштады: Аялдар кеңешинин төрайымын, төрайымынын орун басарын, катчыны жана Аялдар кеңешинин төрайымдыгына ....... ФАЖы, Аялдар кеңешинин төрайымынын орун басарлыгына ........ ФАЖЫ, Аялдар кеңешинин катчысы кылып ...........ФАЖы.

Добушка коюлат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары: макул – 7, каршы – жок, калыс – жок.

**ЧЕЧИМ:**

Шайланды:

ФАЖ … – төрайым;

ФАЖ … – төрайымдын орун басары,

ФАЖ … – Аялдар кеңешинин катчысы.

Үчүнчү маселе боюнча ........ФАЖды угушту, ал 2019-жылга ар жылдык иш планынын долбоору менен тааныштырды.

Добушка коюлат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары: макул – 7, каршы – жок, калыс – жок.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

**ЧЕЧИМ:**

2019-жылга ар жылдык иш планы бекитилсин (тиркелет).

Төртүнчү маселе боюнча ФАЖ....угушту , ал Аялдар кеңеши Коомдук-алдын-алуу борборунун курамына өтүшү керектигин жана Коомдук-алдын-алуу борбордогу милдет Аялдар кеңешинен Аялдар кеңешинин төрайымына жана Аялдар кеңешинин мүчөсү ............ФАЖына жүктөлгөндүгүн билдирди.

Добушка коюлат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары: макул – 7, каршы – жок, калыс – жок.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

**ЧЕЧИМ:**

Коомдук-алдын-алуу борбордун курамына кирүүнү жана Коомдук-алдын-алуу борбордун курамына кирүү үчүн милдеттер Аялдар кеңешинен Аялдар кеңешинин төрайымына жана Аялдар кеңешинин мүчөсү ............ФАЖына жүктөлдү.

Бешинчи маселе боюнча …

Добушка коюлат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары: макул – 7, каршы – жок, калыс – жок.

Чечим бир добуштан кабыл алынды.

**ЧЕЧИМ:**

Тийиштүү чечим

Аялдар кеңешинин төрайымы: ФАЖ ________________колтамгасы

Аялдар кеңешинин катчысы: ФАЖ ________________колтамгасы

**№ 3 ҮЛГҮ**
**Бекитилди**
**Аялдар кеңешинин**
**2019-жылдын “____”________**
**жыйналышы**

**2019-жылга «__________________» Аялдар кеңешинин**

| № п/п | Иш-чаралар | Аткаруу мөөнөттөрү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Аялдар кеңешинин жыйналыштарын өткөрүү | ай сайын | |
| | Ишти өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана ишмердикти коррекциялоо максатында иштин натыйжалары боюнча талдоо жүргүзүү | кварталына бир жолу | |
| | ИИБнын участкалык инспекторлору менен өз ара аракеттенип, жашаган жери боюнча кыйын турмуштагы үй-бүлөлөргө социалдык бакубатсыздык себептерин аныктоо максатында баруу:<br>- алкоголдук ичимдиктерин ичкен үй-бүлөлөргө;<br>- жашы жете элек укук бузуучуларга; | бүткүл мезгил ичинде, зарылчылыкка жараша | |
| | Коомдук-алдын-алуу борбордун жыйналышына катышуу | зарылчылыкка жараша | |
| | МАБнын чогулуштарына катышуу | зарылчылыкка жараша | |
| | Аялдар кеңешинин иш-кагаздарын даярдоо жана тариздөө | Январь | |
| | 8 –март Эл аралык күнүнө арналган иш-чараларды даярдоого катышуу | Март | |
| | Энелер күнүнө арналган иш-чараларды өткөрүүгө даярдык көрүүгө катышуу | Май | |
| | МАБнын алкагында Жеңиш күнүнө арналган иш-чараларды өткөрүүгө даярдык көрүүгө катышуу | Май | |
| | Балдарды коргоо күнүнө карата МАБ менен биргеликте спорттук иш-чараларды өткөрүү | 1 - июнь | |
| | Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө “Мектепке даярданууга жардам” кайрымдуулук акциясына катышуу | Август | |
| | Кыргыз тили күнүн өткөрүүгө даярдык көрүүгө катышуу | август-сентябрь | |
| | Кары-картаңдар күнүнө арналган иш-чараны даярдоого жана өткөрүүгө катышуу | Октябрь | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ДМЧА үчүн акцияларды өткөрүүгө катышуу | Декабрь | |
| | Жаңы жылдык майрамдык иш-чараларды даярдоого жана өткөрүүгө катышуу | Декабрь-январь | |
| | Иш тажрыйбасы менен таанышуу максатында Бишкек шаарынын коңшу жаңы конуштарынын/МАБлардын Аялдар кеңештерине баруу | макулдашуу боюнча | |
| | Кыйын турмуштагы үй-бүлөлөргө рейд жүргүзүү | кварталына 1 жолу | |
| | Муктаж үй-бүлөлөргө колдонулган буюмдарды чогултууга жана таркатууга катышуу | жыл ичинде | |
| | Кесиптик жана башка мамлекеттик майрамдар менен ишканалардын жана уюмдардын жетекчилерин куттуктоолорду уюштуруу | бүткүл мезгил ичинде | Төрайым |
| | Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн кыйын турмуштук кырдаалда болгон үй-бүлөлөргө баруусу | бүткүл мезгил ичинде, зарылчылыкка жараша | |

Аялдар кеңешинин төрайымы: ФАЖ ________________колтамгасы

Аялдар кеңешинин катчысы: ФАЖ ________________колтамгасы

# №2 ТИРКЕМЕ.

## БУУнун Коопсуздук кеңешинин (СБ) суроолордо жана жооптордо 1325-резолюциясы

**1325те эмне жөнүндө айтылат?**

1325 – БУУнун Коопсуздук Кеңешинин конфликттердин алдын алууда, жөнгө салууда жана тынчтыкты орундатууда аялдарын ролу жана тажрыйбасын караган биринчи документи. 1325 Резолюция конфликттик кырдаалдарда аялдардын укуктарын коргоону күчөтүүгө, ошондой эле бүткүл дүйнөдө тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо боюнча гендердик келечектерди киргизүүгө чакырат.

**1325тин негизги жоболору кандай?**

Чыр-чатактуу кырдаалдарда:

а) аялдар жана балдар калктын кыйла аярлуу категориясы болуп саналат;

б) аялдар жана кыздар жыныстык айырмачылыгына карата жасалган зомбулуктан, айрыкча зордуктоодон жанасексуалдык башка мазактоолордон өзгөчөкоргоого муктаж;

в) конфликттерди алдын алуу жана жөнгө салуу маселелеринде чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде аялдардын ролун күчөтүү зарыл.

**1325 БУУнун Коопсуздук кеңешине кандай милдеттенмелерди жүктөйт?**

1. Тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо боюнча бардык иш-чараларга гендердик ыкмаларды киргизүү.
2. Куралдуу конфликттердин шартында кабыл алынган чечимдердин потенциалдуу натыйжаларынын аялдардын жана кыздардын абалына тийгизген таасирин алдын ала эске алуу.
3. Коопсуздук Кеңешинин миссиялары жергиликтүү жана эл аралык аялдар топтору менен консультацияларды өткөрүү аркылуу гендердик аспекттерди жана аялдардын укуктарынын өзгөчөлүгүн эске алуусу.

**1325 БУУнун Башкы катчысына жана мекемелерине кандай тапшырмаларды берет?**

1. Тынчтыкты жана коопсуздукту сактоого тиешелүүбардык маселелер боюнчаБУУнун жогорку органдарында чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде иштеген аялдардын санын көбөйтүү.
2. Аялдарды атайын өкүлдөр жана кичи элчи кызматтарына дайындоо, ошондой эле аялдарды аскердик байкоочулардын жана жарандык полиция персоналынын арасында катышуусун кеңейтүү.

3 Тынчтык жана коопсуздук боюнча бардык иш-чараларга гендердик мамилелерди киргизүү зарылчылыгы жөнүндө катышуучу-мамлекеттерге жетектөөчү көрсөтмөлөрдү берүү.

4. БУУнунКоопсуздук кеңешине өлкөлөрдө тынчтыкты жана коопсуздукту сактоо маселелеринде гендердик проблематиканы киргизүүнүн жүрүшү жана чыр-чатактуу чөлкөмдөрдө аялдардын жана жаш кыздардын абалы жөнүндө маалымат берүү.

**1325конфликтке тартылган тараптарды эмнеге чакырат?**

1. Эл аралык-укуктук ченемдерди сактоо.

2. Лагерлердин жана качкындардын жайгашкан жерлеринин жарандык жана гуманитардык мүнөзүн урматтоо, аялдардын жана жаш кыздардын өзгөчө керектөөлөрүн, анын ичинде аларды долбоорлоодо эске алуу.
3. Макулдашууларды түзүүдө гендердик аспекттерди эске алуу, анын ичинде:
a. репатриациялоо, жайгаштыруу, реабилитациялоо, реинтеграциялоо жаначыр-чатактардан кийин калыбына келтирүү маселелеринде аялдардын жана жаш кыздардын өзгөчө керектөөлөрү;
b. аялдардын тарабынан көтөрүлгөн жергиликтүү, тынчтык демилгелерин колдоого багытталган чаралар;
c. аялдардын жана кыздардын укуктарын урматтоону жана коргоону камсыз кылган чаралар.

**1325 мүчө-мамлекеттерге кандай милдеттенмелерди жүктөйт?**

1. Улуттук, регионалдык жана эл аралык институттардын жана конфликттерди алдын алуу, жөнгө салуу жана чечүү механизмдеринин алкагында бардык деңгээлдерде чечимдерди кабыл алууда аялдардын жигердүү катышуусун камсыз кылуу.
2. Аялдардын жана кыздардын жаңжалдуу шарттарда алардын өзгөчө керектөөлөрүн жана муктаждыктарын эске алып, натыйжалуу коргоону камсыз кылуу.
3. Тынчтыкты колдоо жана тынчтыктыорнотуу боюнча бардык иш-чараларга, анын ичинде тынчтык орнотуучу персоналды даярдоо маселесине гендердик ыкмаларды киргизүү.
4. Маалымат базасын түзүү жана ишмер аялдарды эл аралык деңгээлдеги атайын өкүлдөр жана кичи элчикызмат орундарына дайындоо үчүн даярдоо жана Башкы катчыга алардын талапкерлигин туруктуу жаңыланып туруучу борборлоштурулгантизмеге киргизүү үчүн көрсөтүү.
5. Аялдарга карата аскердик кылмыштарды жасаган адамдарды жазасыз калтырбоону жана андай кылымышкерлерге карата мунапыска жол бербөө.

## №3 ТИРКЕМЕ.

### ЧЫР-ЧАТАКТАРДЫ ЧЕЧҮҮДӨ ЛИДЕР АЯЛДАРДЫН ИЙГИЛИГИНИН ОКУЯЛАРЫ

### ЖАҢЫ КОНУШТАРДА ҮЙ БҮЛӨДӨГҮ ЗОМБУЛУК МАСЕЛЕСИ КОЛГО АЛЫНДЫ

***Төмөндө Каныбек Иманкулов  Көлмө конушунун квартал башчысы***
***Тынчтыкты орнотуу фондунун проектинин таасири жөнүндө оюу***

Мен Көлмө конушунда квартал башчысы болуп иштеймин. Ушул убакка чейин ар кимдин жашоосу менен, жашоочулардын социалдык абалы, укук боюнча мыйзамдар менен ишим жок эле. Бир күнү жетекчим квартал башчыларын, социалдык кызматкерди, КААБдын жана аялдар кеңешинин мүчөлөрүн кошуп «Аялдарды колдоо борбору» Коомдук Бирикмесинин тренингине жөнөттү. Биринчи тренингден баштап эле окуу кызыктуу болду, мен өз жумушума керектүү конуштарда коопсуздукту жана тынчтыкты камсыз кылуу боюнча кызыктуу билим алдым. Кийинки тренингдерге да катышууну чечтим. Улам барган сайын кызыктуу болуп, зордук-зомбулуктун түрлөрүн, бир коомдо жашаган кыз-келиндердин турмушунун оордугун байкап, үй бүлөдөгү болоор- болбос чыр чатактардан ажырашуулар болуп жатканына көңүл боло баштадым. Үй бүлөдөгү чыр чатактын алдын алуу боюнча ГАЛС методикасын өздөштүрдүм. Мындан сырткары өлкөбүздө жаңы кабыл алынган «Уй–бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо» мыйзамын окуп, ал жерде биздин да жоопкерчилигибиз бар экенин көрдүм. Квартал башчысы катары бир нечен жылдан бери жашоочулардын үйүн кыдырганда керектүү маалыматты жыйноо менен эле чектелип, жашоочулардын үйүндөгү социалдык абалына, ал же бул үйдө кандайдыр бир кыйынчылыктар, үй бүлөдөгү зомбулук же башка керектөөлөр бар же жоктугуна маани берчу эмесмин. Тренингтерге катышкандан бери өзүмдүн жумушума болгон жана жашоочулардын муктаждыгына болгон ой-пикирим, мамилем өзгөрдү.

Ушул учурда менин аймагымда батирде жашаган жаш үй бүлө бар эле. Ошолордун ызы-чуусун байкап эле жүрчүмүн, бирок кийлигишкен эмесмин. Тренингден кийин өзүмдүн ушул үй бүлө менен суйлошкөнгө дараметим жетет деп, чатакташып жаткан жеринен чыгып, күйөсүн « жүрчү сыртка, эркекче сүйлөшөлү,» - дедим. Сыртка чыгып аны менен сүйлөштүм, проблемасын угуп, ажырашууга жетипсиң, ошончо эле көңүлүң калдыбы, деги сага аялыңдын кайсы мамилеси кандай кыялы жакпайт деп билип алдым. Ажырашуу деле проблеманы чечпейт, ортодогу баланы ойлогула , - деп кеңеш берип кеттим. Аялын өзүнчө МАБка чакырып, күйөңөн көңүлүң калдыбы, эмнеси жагат, кандай мамилеси жакпайт экенин билип алдым да, күйөөң сени жакшы эле көрөт экен, бирок сенин ушул кыялдарың жакпайт экен, кел ошону оңдойлу, бул терс мамиле күчөп отуруп же ажырашуу, же күйөөң ичип же башка аялга кетүүсүнө алып келет деп түшүндүрүп жаттым. Ал аябай бугу чыкканча ыйлап, менин айткан учурларымды оңдош керек деп өзү айтып , мындан ары кантип жашоону оңдоо керек экенине план түзүп баштады. Мен дагы күйөөсү менен дагы сүйлөшөрүмдү айттым, ал да сүйүнүп, ойлонбой жүргөн нерселерди айтып көзүмдү ачтыңыз, меники эле туура дечүмүн деп кетти. Күйөөсү менен дагы сүйлөшүп, аялынан уккан, анын кайсы мамилеси аялына жагаарын айтсам, көзүндө кадимкидей нур пайда болуп, чын элеби байке,- деп сүйүндү. Үй бүлө күтөм дегенден кийин, сактаганга аракет кыл десем туура көрүп, байке ушундай туура эмес жактарыбызды чечсе болоорун ойлонбоптурмун деп калды.

Кийин 1-2 ай өткөндөн кийин капысынан кезиксем «байке сизге ырахмат, экөөбүз тең акылыбызга келдик, жакшы жашап жатабыз» деп жайдары күлүп ыраазычылыгын билдирди. Мен болсо бир үй бүлөнү ажырашуудан сактап калдым, ушундай эле жардам берсе болот экен деп, өзүмдүн ишиме өзүм кубанып, үйрөнгөн методдор менен элге жардам берүүнү чечтим. Тренингдин пайдасы көп экенине ынандым, азыркы учурда жети жаштагы мүмкүнчүлүгү чектелген апасы ичкиликтин айынан кароосуз калтырып жаткан баланы, балдар үйүнө жайгаштыруу боюнча иштерди баштадым.

Иманкулов Каныбек, 51  жашта
Көлмө конушунда квартал башчы

*ГАЛС (GALS) - гендердик сезимтал иш аракеттерди излдөө системасы*

**НАН ЖАНА ЫРЛАР[1]**

***Анаркуль Машаева,***
***«Тынчтык орнотуучу аялдар» тармагынын мүчөсү***

Июнда, Оштогу окуялар башталганда, Көк-Арт өрөөнүнүн айланасындагы айылдардан жөө жүргөн жана атчан адамдар чогула баштады. Алар – бирөө таяк менен, бирөө күрөктүн сабы менен куралданышкан жана абдантуталанышкан. Аялдар алардын жолун тороп, «Баары силер айткандай эмес! Биз Жалал-Абаддан жаңы эле келдик, ал жакта баары тынч, эч ким эч кимди өлтүргөн жок, силер да тынчышыңар керек» деп аларды тынчытууга аракет жасашкан. Биз көпчүлүгүн ишендирип жана артка кайттыра алдык. Бирок ага карабастан Жалал-Ададда кан төгүлгөн. Качкындар чыга баштады жана жол бойлой түтүн чыкты. Жүздөгөн тургундар тамак-ашсыз калышты. Мына ошондо нан бышырабыз деп чечтик. Менин уюм боюнча курбуларым Гульсина Алымова, Жибек Бокоева, Гульжамал Жолдошева, Зуура Маматова, Чинара Осмоналиева – алар өз үйлөрүнөн ун алып келишти. Өз батирлеринде бекинген тургундарга нан бышырып таратып жаттык. Биздин тандырлар күнү-түнү иштеп жаткан, анткени көп токоч керек болчу.

Биз адамдарды улуттарга бөлгөн жокпуз – муктаж болгондордун баарына таратканбыз.Ошол күндөрү көпчүлүк үчүн биздин наныбыз – ачкалыктан гана эмес, үмүт үзүүдөн да сактады.

Дүрбөлөң тынчыгандан кийин биз жарашуу жөнүндө жана буга кандай жардам бере алабыз деп ойлоно баштадык. «Аялзат» фольклордук тобун түздүк, ага 50-70 жаштагы 16 аял кирген.Ар бир үй-бүлөдө балдар деле бар жана ырдаганга  деле убакыт жок, бирок алар анын эмнеге кереги бар экенин дароо эле түшүнүштү.  Программаны бат эле даярдап, «Достук кербенин» ойлоп табышты. Кербен Ош шаарынын -Фуркат, Он Адыр, Шейип-Дөбө аттуу жабыркаган райондоруна сапар алды–андан ары Сузак, Базар-Коргон, Ноокен жана Ала-Букага жөнөштү.Бул райондордо эки эл тең жашайт. Концерттер  лекция менен башталды, биз кыргыз менен өзбектердин достугунун тарыхый тамырлары, салттарынын жана салт-санааларынын окшоштугу тууралуу айтып бердик.Иш натыйжалуу болду, адамдардын жан дүйнөсүнөн орун тапкананын  биз көздөрүнөн эле байкап койдук. Алар биз менен чогуу ырдашып, бийлешкен жана албетте ыйлашкан. Бирок ушунда чоң оптимизм болду – биз баарыбыз бири-бирибизди жашоо улантылууда жана баары жакшы болот деп ишендирдик.

*1  «Тынчтык орнотуучу аялдар»китеби. «Чындык окуялар».«Кыргызстандын тынчтык орнотуучу аялдары»тармагы. БУУ АЯЛДАР. 25 - бет.*

## ТЫНЧТЫК ҮЧҮН ТЕНДЕМ[2]

***Гульмира Расулова***

***«Аял-тынчтык орнотуучулар» Тармагынын мүчөсү***

Биз Фатима Азаматова менен согушка чейин бир-бирибизди билчү эмеспиз. Мен Ош шаарында жашайм, ал Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айылында жашайт. Тагдыр бизди июнь окуялары учурунда кездештирди, бүгүн биз жакын курбуларбыз. Эң кыйынчылык күндөрү биз аракет кылуу керектигин түшүндүк жана чымырканып чогулдук. Биз беш аял – биригип, эмне кылуу керектигин ойлоно баштадык. Бир аз убакыт өтсө Ошто ачарчылык башталаарын түшүндүк, анткени азык-түлүк жок, дүкөндөр жабык, базарлар иштебейт эле. Эмне кылуу керек? Кара-Сууга тааныштарыбызга чалып, жардам сурапөтүндүк.

Эч ким жок деген жок. Тааныштар гана эмес, шаардыктар бири ун, башкасы май, картошка, пияз, сабиз, идиш аяк, шейшеп, балдар кийимдерин алып келе башташты. Буларды чогултуп, бирок Ошко кантип жөнөтөбүз? Биздин Кара-Суудагы жардамчыларыбыз өздөрү машина таап, жүктөшүп, андан соң экинчиси керек экендигин түшүнүштү. Эки машина менен келип, Оштогу «Черемушки», «Амир-Тимур» кичи райондоруна жана Кара-Суу районундагы Кызыл-Кыштак айылында тараттык.

Бир ай ичинде биз ушундай беш рейс жасадык. Кээ бир адамдар кой беришти. Биз ысык тамактануу пункттарын уюштурдук, ысык сорпо тараттык. Койду курмандыкка чалып, салт боюнча күнөөсүз курман болгондорго куран окуттук, бейпилдик жана тынчтык орнолушун сурандык.

Эң кыйыны–каза болгондордун жана жарадар болгондордун тууандарына барып, аларга көңүл айтып, аларды угуу, кайрат айтуу болду. Биздин топ ар бир үйгө кирип, каза болгондордун, дайынсыз жоголгондорун, жарадар болгондордун жана жабыр тарткандардын толук тизмесин түздүк. Ушундан улам жардамды канткенде даректүү жана сапаттуу кылуу керектиги айкын болду. Өзүнчө чоң көйгөй – үйлөр менен кошо өрттөнүп кеткен документтерди калыбына келтирүү болду. Биздин иш көп адамдарга жардам болду.

---

*2 «Аял тынчтык орнотуучулар. Айкын таржымалдар» китеби. «Кыргызстандын аял тынчтык орнотуучулары». БУУ АЯЛДАР. 22-бет*



## №4 ТИРКЕМЕ.

### АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН ДЕМИЛГЕЛЕРИН ӨТКӨРҮҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

**Жогорку класстын окуучуларынын арасында дебаттарды өткөрүү методологиясы.**

**Дебаттардын темасы:** Эрте никелешүү: Артыкчылыктары жана Кемчиликтери

**Аудитория:** 50-100 окуучу/окуучулар.

**Өткөрүү убактысы: 40 мүнөт**

**Дебаттардын  катышуучуларынын курамы:**

- Модератор;
- Судья;
- 10-11-класстардын/КЛ/кесиптик окуу жайларынын3-5 санында окучуулардан турган дебатка катышуучулардын  2 командасы;
- Көрүүчүлөр.

**Модератордун милдети** катышуучулар менен көрүүчүлөрдү дебаттарды өткөрүү жол-жобосу менен тааныштыруу. Дебат өткөрүү учурунда, Модератор убакыттын отчетун жүргүзөт жана командалар үчүн чыгып сүйлөө убактысынын аякташы тууралуу билдирет. Дебат аяктаганда Модератор-дискуссиянын жүрүшүнө жана  «эрте никелешүүнүн кемчиликтери»аттуу командасы аудиторияга эрте никелешүүгө каршы бардык маанилүү жүйөлөрдү жеткирүү мүмкүнчүлүгү болушу үчүнбайкоо жүргүзөт Зарылчылык болсо, Модератор дискуссияга катышып жана аны негизги максатка кайтарат. Аягында, Модератор жыйынтыктап жана жашы жете элек куракта никелешүүнүн негизги терс аспекттерин келтирип, ошондой эле жашы жете электерге карата диний нике ырым-жырымдарын өткөрүү үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги тууралуу эскертет.

**Командалардын милдети** жүйөөлөрдү жана контр-жүйөөлөрдү келтирүүжолу менен судья жана көрүүчүлөрдү өзүнүн тууралыгына ынандыруу.

Дебатка чейин  3-5 күн мурда чоң класстардын окуучуларынын команда тандалып алынат жана аларга маалымат берилет. Алдын ала катышуучулар дебаттын темасы, максаттары жана милдеттери менен таанышат жана алар никелешүү проблемасы жана жашы жете электерге карата диний никелешүү ырым-жырымдарын өткөрүүгө тыюу салган мыйзам менен таанышат.Катышуучулар 2 командага бөлүнөт: бирөөсү «Эрте никелешүүнүн кемчиликтери,  экинчиси «Эрте никелешүүнүн артыкчылыктары» позициясын жүйөөлүү экенин далилдешет. Командалар тапшырма алып, жүйөө жана контржүйөөлөрдү даярдашат.

**«Эрте никелешүүнүн кемчиликтери» командасынын жүйөөлөрү:**

- Мектепти таштоо ;
- Кесиптин жоктугу;
- Жашы жете электин ден соолугуна коркунуч (кош бойлуулук );
- Жаш балдардын ден соолугуна коркунуч;
- Күйөөсүнөн көз карандылык ;
- Зомбулук коркунучу;
- Никенин мамлекеттик каттоосунун жоктугу, анын натыйжасында ажырашуудан, мүлк бөлүүдөн, балдардын жашаган жерин аныктоодонкорголбогондук;
- Жакырчылык коркунучу;
- Нике өткөрүү учурунда жазык жоопкерчилиги коркунучу.

**«Эрте никелешүүнүн артыкчылыктары» командасынын жүйөөлөрү:**

- Үй-бүлөсүнүн материалдык көйгөйлөрүн күйөөсүнүн эсебинен чечүү;
- Үйлөнүү той жөнүндө романтикалык кыялын жүзөгө ашыруу;
- «Чоңдордун» турмушуна өтүү ж.б.

**Дебаттарды өткөрүү**

Ар бир команда өз пайдасына жүйөөлөрдү келтирет.

Көрүүчүлөр талкууга катыша алышат жана командалардын жүйөөлөрүн толуктай алышат.

Дебаттар аяктаар менен судья көрүүчүлөрдүн добуш берүүсүн өткөрүп, жыйынтыктарды чыгарат.

**Модератордун резюмеси**

Резюме өткөрүүнүн астында Модератор Баланын укугун коргоочулар лигасынын ролигин көрсөтүп, катышуучуларга жашы жете электе никеге туруу баланын билим алууга, өнүгүүгө, ден соолукка жана зомбулуксуз турмушка укугун бузаарын дагы бир жолу малымдайт.

**«Спорт үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы» темасында спорттук оюндарды өткөрүү методологиясы.**

**Тема:**Спорт үй-бүлөлүк зомбулукка каршы!

**Аудитория:** 50 - 100 адам

**Өткөрүү убактысы:** 60 мүнөт

**Катышуучулардын курамы:**

- Спортсмендер, спорт ышкыбоздору (футбол, велоспорт, баскетбол, волейбол, хоккей ж.б.);
- Судьялар;
- Күйөрмандар (мектеп окуучулары, жамааттардынактивисттери, АЯЛДАР КЕҢЕШИНИН мүчөлөрү );
- ЖМК.

**Ресурстар:**

- Спорттун түрүнө жараша баннерлер, мисалы «Футбол үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы», «Шайба үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы», «Веложарыш ар бир үй-бүлөдөгү бейпилдик үчүн» ж.б.у.с.;
- Үй-бүлөдөгү зомбулукка каршыураандар менен плакаттар «Спорт үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы» темасында спортчуларды колдоо үчүн кыска ураандар;
- Спортмендердин командаларына белектер, мисалы спорт топтору, грамоталар, ж.б.

**Аялдар кеңештеринин мүчөлөрүнүн милдеттери**

Сергек жашоо ыңгайын жүргүзүүгө калктын, жаштардын көп санын тартуу жана «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашырылышы жөнүндө маалымдоо.

**Аялдар кеңештеринин мүчөлөрү үчүн сунуштар:**

- спорттук иш-чаралардын алып баруучусу катары чыгуу;
- спорттук оюндардын жүрүшүндө аялдар кеңештеринин мүчөлөрүнө Мыйзамдын беренелерин, ошондой эле жамааттын мүчөлөрүнүн аларга кайрылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө айтып берүү зарыл;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамы жана аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтык баракчаларды/буклеттерди таркатуу.

**Спортсмендердин командасынын милдети** оюндардын башталышында жана аягында үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы өзүнүн позицияларын билдирүүсү.

**Спорттук оюндарына даярдануу**

Спорттук оюндарга чейин 3-5 күн мурда спортсмендердин,спорт ышкыбоздорунун жана иш-чаранын судьяларынын арасындакүйөрмандар жана көрүүчүлөр үчүн билдирүүлөрдүтүшүндүрүү максатында маалыматтык иш өткөрүү.Ошондой эле жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, аялдар кеңештеринин мүчөлөрүнүн чыгып сүйлөй турган сөзү менен программасын даярдоо. Спорттук залын (плакаттарды, үй-бүлөдөгү зомбулуксуздук жөнүндө чакырыктар менен баннерлерди) даярдоо, ошондой эле аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты жайгаштыруу зарыл.

**Спорт оюндарды өткөрүү**

Алып баруучу көрүүчү менен күйөрмандарды спорттук иш-чараны өткөрүү максатына көңүл бурууну өтүнөт. Жергиликтүү кеңештердин депуттарынын жана аялдар кеңештеринин мүчөлөрүнүн куттуктоо сөздөрүндө сергек жашоо ыңгайы жүргүзүү чакырыгы менен, КРнын мыйзамына таянып үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы күрөшүү боюнча Кыргыз Республикасынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттери жөнүндө айтып берүүсү зарыл. Спорт оюндарынын жүрүшүндө волонтерлор өз командаларына күйөрман болуп, үй-бүлөдөгү зомбулук практикасын токтотуу чакырыгы менен кыска кыйкырмаларды айтышат, мисалы: «Зомбулукту жеңүү үчүн –командаалга», волонтерлор Мыйзамдын беренелери менен плакаттарын колуна кармашат, мисалы коргоо ордери боюнча жана аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтык баракчаларын таркатышат. Оюндун аягында алып баруучу судьяларга жана командаларга ыраазычылык билдирип,ошондой эле жеңүүчүлөргө сөз берет, алар өз кезегинде зомбулук учурларына көңүл бурууну жана өз убагында чара көрүүнү өтүнүшөт.

**«Мен үй-бүлөдөгү бейпилдик үчүн!» темасындагы интеллектуалдык оюндарын викториналар ж.б) өткөрүүнүн методологиясы**

**Тема:**Мен үй-бүлөдөгү бейпилдик үчүн

**Аудитория:** 15–25 адам

**Өткөрүү убактысы**: 60 мүнөт

**Катышуучулардын курамы:**

- 7-10 класстын окуучулары;
- Социалдык педагог;
- Жюри –аялдар кеңештеринин мүчөлөрү.

**Ресурстар:**

- 5 стол, 25 стул, проектор, экран, ноутбук (же командаларга мурдатан кагазга басып чыгарылган суроолор таркатылат);
- Командаларга белектер (мисалы китептер, флешкалар, грамоталар ж.б).

**Аялдар кеңештеринин мүчөлөрүнүн милдеттери**

«Үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө» КРнын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча окуучуларды маалымдоо жана алардын билимин бекемдөө, ошондой эле аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берүү.

**Командалардын милдети** викторинанын коюлган суроолоруна туура жооп берүү.

**Интеллектуалдык оюндарга даярдануу**

Окуучулардын арасында оюндарга чейин 3-5 күн мурда «Үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы күч-аракеттерди бириктирүү» темасында маалыматтык сессияларды өткөрүү, Мыйзамдын беренелери жана аялдар кеңештеринин ишмердүүлүгү жөнүндө айтып берүү. Андан кийин окуучулардын арасында

интеллектуалдык оюндар үчүн 5 команда даярдоо, Мыйзам боюнча суроолорду даярдоо.

**Интеллектуалдык оюндарды өткөрүү**

Алып баруучу командаларды экранга көңүл бурууну суранат жана проектор аркылуу 1- жана кийинкисуроолорду көрсөтүүнү суранатже алып баруучу суроо берет жана катышуучуларды өз жоопторун даярдоону суранат же алдын ала кагазга даярдалган суроолорду кезек-кезеги боюнча таркатат. Командаларга бир суроого жооп даярдоого 5 мүнөт берилет. Бардыгы болуп оюн үчүн 10 суроодон сунушталат. Ар бир туура жооп үчүн командага бир упайдан берилет. Эң көп упай алган команда жеңүүчү болуп саналат. Жюри упайларды санап жеңүүчүлөргө сыйлык берет. Сыйлык берүүнүн жүрүшүндө аялдар кеңешинин мүчөрү дагы бир жолу өз жардамын айтып берип, КРнын Мыйзамы жана үй-бүлөдө зомбулукту алдын алууда аялдар кеңешинин катышуусу жөнүндө туугандардын, кошуналардын, достордун арасында маалымат таркатууну суранат.

**«Үй-бүлөдөгү чыр-чатактарды чечүү жолу» темасында аялдардын шеринеси/ жолугушууларды өткөрүүнүн методологиясы**

**Тема:**Үй-бүлөдөгү чыр-чатактарды чечүү жолу

**Аудитория:** 10 – 15 адам

**Өткөрүү убактысы:** 60 мүнөт

**Катышуучулардын курамы:**

- Жаш жана улуу аялдар;
- Аялдар кеңешинин мүчөлөрү.

**Ресурстар:**

- Кофе-брейк;
- Зал, стол, стулдар (эгерде аялдардын бири жолугушууну өткөрүү үчүн 1:30 мүнөткө өз үйүн берип туруу варианты да мүмкүн)
- «Коргоо ордери», «Эрте нике»видео-роликтери

**Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн милдети**

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө» КР Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө аялдардын билимин бекемдөө жана аларга маалымат берүү.

**Иш-чараны өткөрүү**

Аялдар кеңешинин мүчөсү чай же кофе ичүү менен жамааттагы үй-бүлөлөрдөгү кырдаалды, аялдар өз үй-бүлөсүндө кандай көйгөйлөргө туш болот жана алардын пикири боюнча аларды чечүүнүнкандай жолдору бар экендигин талкуулоону сунуштайт. Дискуссиядан кийин аялдар кеңешинин мүчөсү мыйзамды ишке ашыруу, эрте никелешүүгө жана кыздарды ала качууга карата КРнын Кылмыш-жаза кодексинин беренелери жөнүндө маалыматтык лекция өткөрөт. Аялдар кеңешинин мүчөсү «Коргоо ордери» жана «Эрте нике» видео-роликтерин көрүүнү сунуштайт. Көрүүдөн кийин аялдар кеңешинин мүчөсү аялдар кеңешинин ишмердүүлүгү жана аларга кайрылуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымдайт.

**Сунуштар:**

1. Аялдар кеңешинин мүчөлөрү мүмкүнчүлүгү болсо гендердик-сезимтал (ГАЛС) аракеттерди аныктоо боюнча тренинг өтүүсүжана аялдар менен жолугушууларды өткөрүү үчүн «Бриллиант» ыкмасын изилдөөсү зарыл.

**«Маалымдуулук зомбулукту алдын алат» темасында жүрүш өткөрүүнүн методологиясы**

**Тема**: Маалымдарлык зомбулукту алдын алат

**Аудитория:** 50 – 200адам

**Өткөрүү убактысы:** 60 мүнөт

**Катышуучулардын курамы:**

- Белгилүү инсандар,аялдар, жаш өспүрүм-кыздар, жаштар;
- Аялдар кеңешинин мүчөлөрү.

**Ресурстар:**

- «Үй-бүлөдөгү зомбулукту токтотобуз!», «Эрте никегежол жок!», «Жаштар бекем үй-бүлө үчүн!»деген ураандар менен плакаттар;
- Рупор;
- КР мыйзамдарынан беренелеринин тексттер;
- Достук, өз ара түшүнүшүү, үй-бүлө баалуулуктары, жыныстардын теңдиги ж.б темасында макал-лакаптар менен текст;
- Музыкалык аспаптар.

**Аялдар кеңешинин мүчөлөрүнүн милдети**

КРнын мыйзамы жана аялдар кеңешинин ишмердүүлүгү жөнүндө калкты маалымдар кылуу максатында калктын көп санын тартуу.

**Жүрүшкө даярдануу**

Аялдар кеңешинин мүчөлөрү мектептерде «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоо жана сактоо жөнүндө» КР мыйзамынын темасындагы маалыматтык сессияларды өткөрөт жана жүрүшкө катышууга чакырат. Маалыматтык лекциялардан кийин аялдар кеңешинин мүчөлөрү жогорку класстарда окуган окуучуларга бий флеш-моб, ошондой эле жүрүштүн алкагында плакаттарды даярдоону суранышат. Аялдар кеңешинин мүчөлөрү коомчулуктун кадыр-барктуу адамдары менен жумушчу жолугушууларды өткөрүшөт жана аларды зомбулуксуздукка чакырган макал-лакаптарды даярдоону суранып, аларды жүрүшкө катышууга чакырышат. Жолугушууларды өткөрүп, аялдар кеңешинин мүчөлөрү өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө айтып беришет.

**Иш-чара өткөрүү**

Аялдар кеңешинин мүчөлөрү рупорго акциянын чакырыктарын айтышып жана катышуучуларга жамааттын көчөлөрү боюнча жүрүштүн маршрутун сунуштайт. Белгилүү инсандар рупорго макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү айтышат жана маршрутту башташат. Жаштар чакырыктарды колдоп, плакаттарды колуна кармап чогуу көчөлөрдөн өтүшөт. Маршруттун аягында жаштар жүрүштүн бардык катышуучуларын жана калкты флеш-мобко чакырып, бий флеш-мобун көрсөтүшөт.

## №5 ТИРКЕМЕ.

### АЯЛДАРГА КАРАТА ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

Аялдарга карата зомбулукту гендердик көрүнүш сыяктуу кароодо «гендер» деген түшүнүк «жыныс» деген түшүнүктөн эмнеси менен айырмаланаарын эстөө маанилүү (№1 кошмо):

**№1 кошмо. «Гендер» жана «жыныс» түшүнүктөрү**

***«Жыныс» терминиэркектер менен аялдардын ортосундагы биологиялык жана физиологиялык айырмаларды билдирет. «Гендер» термини аялдар менен эркектерге таандык социалдык шартталган белгилерге жана ролдорго таандык, мында коом бул биологиялык айырмага социалдык-маданий маани берет, бул аялдар менен эркектердин ортосундагы каалабаган иерархиялык өз ара мамилелерди түзүүгө, ага тете эркектердин пайдасына жана аялдарга зыян келтирүү менен бийликтижана укукту бөлүштүрүүгө алып келет.***

«Гендердик зомбулук» жана «аялдарга карата зомбулук» терминдери көбүнчө бири-бирин алмаштырат, анткени аялдарга карата зомбулукнегизинен гендердик өңүттө келип чыгат жана көп учурларда аялдардын жана кыздардын үстүнөн зомбулукту эркектер жасайт[3] .

Адам укугу жөнүндө эл аралык ченемдик документтер аялдарга каршы зомбулуктун жана гендердик зомбулуктун төмөнкүдөй аныктамаларын камтыйт. (№2 кошмо):

**№ 2 кошмо: Аялдарга карата зомбулукту аныктоо**

**Аялдарга карата зомбулук**

***(…) эркектер менен аялдардын ортосундагы теңдеш эмес күчтүн тарыхый калыптанган калышынын көрүнүшү болуп саналат, ал аялдарга үстөмдүк кылууга жана эркектер тарабынан аялдарга карата кодулоого алып келген, ошондой эле аялдардын абалын ар тараптуу жакшыртууга бөгөт болот. […] Аялдарга карата зомбулук негиз түзүүчү социалдык механизмдердин бири болуп саналат, анын жардамы менен аялдарды эркектерге салыштырмалуу баш ийүүчүлүк абалда болууга аргасыз кылышат.» (Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация, преамбула).***

***(…) «аялдарга карата зомбулук» адам укугун бузуу жана аялдарга карата кодулоо түрү катары түшүнүлөт жана гендердик белги боюнча зомбулуктун бардык актыларын билдирет, алар аялдарга карата дене боюнун, сексуалдык, психологиялык же экономикалык зыянга алып келиши мүмкүн, анын ичинде эл алдындагы же жеке турмушуна карабастан мажбурлоо же эркиндигинен өзүм билемдик менен ажыратуу актыларын кошо алганда кирет.».***

*Булак: (Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация,*
*1-берене, Стамбул конвенциясынын 3-беренеси.*

*3 Чыгыш Европада жана Борбордук Азияда гендердик зомбулукка чара көрүүдө саламаттык сактоо системасынын ролун күчөтүү. Материалдар жыйындысы. Тармак WAVE и ЮНФПА - 2014, 18-бет.*

**Гендердик зомбулук** (гендердик белги боюнча аялдарга карата зомбулук) «аял болгону үчүн аялга карата багытталган зомбулукту же болбосо аялга өлчөмдөш эмес таасирди» билдирет (Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияга № 19 Жалпы сунуштар).

**Аялдарга карата гендердик зомбулуктун түрлөрү жана контексттер.**

***Аялдарга карата зомбулук төмөнкү учурларды камтыйт, бирок муну менен чектелбейт:***

***а) үй-бүлөдө орун алган зомбулук-анын ичинде уруп-согуу, үй-бүлөдө кыздарга карата жыныстык мажбурлоо, калың менен байланыштуу зомбулук, күйөөсүнүн аялын зордуктоосу, аял органдарын жаракат кылуу жана аялдарга зыян алып келген практикалык башка салттуу түрлөрү, никеден тышкары зомбулук жана эксплуатациялоо менен байланыштуу зомбулукту кошо алганда күч, жыныстык жана психологиялык зомбулук;***

***b) коомчулукта, иште жана окуу жайларда жана башка жерлерде кездешүүчү зомбулук-зордуктоо, жыныстык мажбурлоо, жыныстык акидей асылуу жана коркутуу, аялдарды сатуу жана сойкулукка мажбурлоону кошо алганда күч, жыныстык жана психологиялык зомбулук;***

***с) кайсы жерде болбосун сыртта жана мамлекеттин кайдыгерлигинде күч, жыныстык жана психологиялык зомбулук.***

*Булак: (Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация, 2-берене.*

2017-жылдын 14-июлундагы № 19 жалпы рекомендацияны жаңылоо үчүн арналган аялдарга карата гендердик зомбулук жөнүндө № 35 жалпы рекомендация “аялдарга карата гендердик зомбулук” түшүнүгүн так термин катары пайдаланууну сунуш кылат, ал мындай зомбулуктун гендердик себептерин жана кесепеттерин көрсөтөт. Бул термин зомбулук – жеке проблема эмес, коомдук проблема экендигинин түшүнүгүн бекемдейт жана аны чечүү конкреттүү окуяларды, айрым укук бузуучуларды жана зомбулуктун курмандыктары жана зомбулукту башынан кечирген адамдар менен байланышкан чараларды гана эмес, комплекстүү чараларды кабыл алууну талап кылат. Жогоруда келтирилген эл аралык аныктамалардан алганда, аялдарга карата зомбулук гендердик түзүүчүгө ээ: аялдар зомбулукка кокусунан дуушар болбойт. Аялдарга карата гендердик зомбулук эркек менен аялдын ортосунда тамырлаган теңсиздиктин кесепети болуп саналат, ал кыйла деңгээлде аялдардын, кыздардын жана балдардын гендердик ролу жөнүндө туруктуу орун алган зыяндуу социалдык жана маданий стереотиптик түшүнүктөр менен байланыштуу.

Аялдарга карата болгон гендердик зомбулук,аялдардын көптөгөн укуктарынын бузулушуна алып келет, анын ичинде жашоого укугун, кыйноого же ырайымсызжазага дуушарланбоо укугун, гумансыз же намысын кемсинткен мамиле аркылуу, мыйзамга ылайыксыз тең укуктуулугун, же дене боюнун жана психикалык ден соолугунун эң жогорку деңгээлиндеги укугун бузат[4].

Аялдарга карата гендердик зомбулукту түзгөн аракеттердин бүткүл спектри 3-таблицада келтирилген.

*4 1979-жылдын 18-декабрындагы Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция. Кыргыз Республикасы КР Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 25-январындагы токтому жана КР Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын 1996-жылдын 6-мартындагы П №257-1 токтому менен кошулган.*

### 3-таблица: Аялдарга карата гендердик зомбулуктун түрлөрү

| | |
|---|---|
| **Күч зомбулугу** | Дене бойдун жаракатына, залалга же травмага алып келген күч колдонуу. Травманын оордугу ткандардын минималдуу жаракатынан, сөөктөрдүн сынып кетишинен тартып оор мертинүүгө жана өлүмгө чейин алып келет. Күч колдонгон зомбулукка төмөнкүлөр кирет:<br>• чабуу, түртүү, түрткүлөө, муштум менен согуу, сабоо, тытуу, муунтуу, тиштеп алуу, мыкчуу, силкинтүү, түкүрүү, күйгүзүү, дененин бөлүктөрүн кайруу, кайсы бир заттарды ичүүгө күч колдонуп мажбурлоо;<br>• медициналык же башка жардамды алуу үчүн аялга кайрылууга анын эркиндигин чектөө;<br>• аялды согуп же саюу менен жаракат алып келген тиричилик буюмдарын пайдалануу (бычак, атуучу курал колдонуу). |
| **Психологиялык зомбулук** | Аялдын психологиялык кол тийбестигин түздөн-түз бузган аракет же бир катар аракеттер. Психологиялык зомбулукка төмөнкүлөр кирет:<br>• аялга же анын жакын адамына күч колдоном же зыян келтирем деп сөз менен же аракеттер аркылуу коркутуулар (мисалы, аңдуу же курал көрсөтүү);<br>• жумушчу орунда акидей асылуу жана куугунтуктоо;<br>• кордоо жана кемсинткен сын-пикирлер;<br>• изоляциялоо жана баарлашууну чектөө (мисалы, аялды үйдө камоо, аны жумуштан кетүүгө аргасыз кылуу же аялга врачка кайрылууга тыюу салуу);<br>• аялды контролдоо же ага зыян келтирүү үчүн зомбулук жасаган жыныстык катнаштагы никесиз шеригинин балдарды пайдалануусу (мисалы, балага кол салуу, энесине кантип кол салып жаткандыгын балдарды көрүүгө аргасыз кылуу). Бул аракеттер бир эле маалда баланын үстүнөн зомбулук жана энесине карата зомбулук болуп эсептелинет. |
| **Экономикалык зомбулук** | Аялдын ресурстарга, анын ичинде убактысына, акчасына, транспортко, тамак-ашка же кийимге жеткиликтүүлүгүнө тыюу салуу же контролдоо максатында колдонулат. Экономикалык зомбулукка төмөнкүлөр кирет:<br>• иштөөгө аял үчүн тыюу салуу;<br>• аялды үй-бүлөдө чечим кабыл алуу процессинен чыгаруу;<br>• акчаны же финансылык маалыматты кармап калуу;<br>• эсептерди төлөөдөн баш тартуу же аялды же балдарды күтүүдөн баш тартуу;<br>• биргелешип тапкан мүлктү талкалоо. |

| | |
|---|---|
| **Сексуалдык зомбулук** | Кандай болбосун жыныстык акт, аны жасоо аракети, жагымсыз жыныстык комментарийлер же акидей асылуу же адамдарды сатууга багытталган аракеттер же кандай болбосун адам тарабынан анын жабырлануучу менен өз ара мамилесине карабастан адамдын жыныстык айырмасына карата каалаган жердеги, анын ичинде үйдө, жумушта, бирок алар менен эле чектелбеген башка жердеги башкача мамиле(WHO 2002, материалдардан цитата WHO 2013).<br>Сексуалдык зомбулукка төмөнкүлөр кирет:<br>• зордуктоо, жыныстык кылмыштардын башка түрлөрү;<br>• жыныстык асылуу же жыныстык жактан коркутуу (анын ичинде кызматынан же мансаптык тепкичтен көтөрүлүү же кыйла жогору орун же баа алуу үчүн секс талап кылуу);<br>• жыныстык эксплуатациялоо үчүн адамдарды сатуу;<br>• сойкулукка мажбурлоо;<br>• аргасыз боюна бүтүрүү, стерилизация, бойдон алдыруу;<br>• никеге аргасыз кылуу, эрте никелер;<br>• аялдын жыныстык органдарына залал келтирген операциялар;<br>• кыз белгисин текшерүү;<br>• инцест. |
| *Булактар: Warshaw/Ganley 1996, WHO 2003, WHO 2013. Сеть WAVE («Аялдар зомбулукка каршы – Европа») ЮНФПА 2014 материалдары боюнча* | |

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги гендердик зомбулукка жана гендердик зомбулук актыларына төмөнкүдөй аныктама берген ( №3 кошмо)

**№ 3 кошмо. Гендердик зомбулуктун аныктамасы**

***Гендердик зомбулук – эркек менен аялдын ортосундагы социалдык (гендердик) айырмачылыктарга негизденген ага/анын эркине каршы жасалган, адамдын жеке жана дене боюнун чектерин кандай болбосун бузууну билдирген термин.***

***Аялдарга карата гендердик зомбулук актыларына төмөнкүлөр кирет:***

***зордуктоо;***

***- зордуктоо аракеттери;***

***- жыныс мүчөлөрүнө, сүт безине жана сан бутуна тийүү;***

***- күйөөсүнүн/сексуалдык шеригинин зордуктоосу;***

***- үйдөгү зордуктоо;***

***- сексуалдык зомбулук максатында уурдоо;***

***- бул маданиятта уят катары аныкталган аракеттерге мажбурлоо;***

***- күч колдонуп никеге туруу же никеге мажбурлоо;***

***- жумуш орунда сексуалдык акидей асылуу;***

***- сойкулукка мажбурлоо жана гендердик зомбулуктун башка түрлөрү.***

***Булак: Кыргыз Республикасында гендердик зомбулукту алдын алуу жана өзгөчө кырдаал учурунда гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарга психологиялыкка чейинки, психологиялык жана психиатриялык жардам көрсөтүү боюнча типтүү нускама, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2017-жылдын 7-октябрындагы №578 приказы менен бекитилген.***

Аялдарга карата гендердик зомбулукка  жашы жете электер менен/эрте нике, мажбурлап никеге туруу,  полигамия, сексуалдык зомбулуку жана үй-бүлөлүк зомбулук кирет.

**Жашы жете элек куракттагы нике**

Бүткүл дүйнөдө эрте курактагы  нике балдарын укуктарын одоно бузууга кирет. Эл аралык укукка ылайык жашы жете элек балдар никеге туруу боюнча толук макулдук бере алышпайт жана өзүнүн жаш курагына байланыштууникенин кесепеттерин толук өлчөмдө аңдай алышпайт жана үй-бүлөлүк жана жубайлык милдеттерди аткара алышпайт.

- Күйөөдөгү кыздар мектепте окуусун уланта алышпайт жана окуусун эч качан кайра баштай албайт.
- Билим жана адистик албай, алар адатта эң аз төлөнгөн иштерде иштешет жана кийин эң аз пенсияны алышат.
- Бул көптөгөн жашы жете элек аялдар жакырчылыкта турмуш өткөрөт дегенди билдирет, анткени жашоо-тиричилик үчүн өздөрү иштеп тапканга мүмкүнчүлүктөрү чектелүү.

Зомбулук, экономикалык көз карандылык, кордоо, кемсинтүү, мажбурлаган жыныстык мамилелер, укуксуздук– күйөөсүнүн үй-бүлөсүндө жашы жете элек кыздар туш болгон проблемалардын толук эмес тизмеси ушулар. Мындай никелер көп учурда бузулат жана жаш кыздарды балдары менен көчөгө кууп салышат, алар турак-жайы, жашай турган каражаты жок калышат. Мына ошентип, жашы жете элек курактагы нике кыздардын билимине жана өнүгүүсүнө терс таасир тийгизип, алардын зомбулуктун ар кандай түрлөрүнө чабалдыгын жогорулатып, алардын жашоосуна жана ден соолугуна, ошондой эле балдарынын жашоосуна жана  ден соолугуна таасирин тийгизет. Жашы жете элек кыз-жубай – бул али өспүрүм кыз, анын потенциалы эч убакта ишке ашырылбайт.

КР медициналык-демографиялык изилдөөсүнүн -2012[5] маалыматы боюнча14 пайыз аял18 жаш куракка чейин никеге турган, аялдардын 1 пайызга чейинкиси алар 15 жашка чыкканга чейин күйөөгө чыгышкан. Мында 18 жашка чыга элек эркектер аныкталган эмес. Мына ошентип жашы жете элек курактагы нике – аялдар тушуккан проблема болуп саналат.

Кыргыз Республикасыдүйнөлүк жамааттын бөлүгү болуп саналат, бардык чөйрөлөрдө кодулоодон аялдардын укуктарын коргоо, анын ичинде эрте жана мажбурлаган никеден коргоо  боюнча эл аралык милдеттерди кабыл алган[6].  Бул эл аралык документтер  зыяндуу каада-салтты, кыздарга каршы зомбулукту жоюу, никеге макулдук, нике курагы, никени каттоо жана жубайды эркин тандоо маселелерин карайт.

Улуттук деңгээлде бул милдеттер Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Үй-бүлө кодексинде, Балдар жөнүндө кодексте, 2020-жылга чейин гендердик теңдикке жетишүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы[7]  жана  2018-2020-жылдарга Кыргыз  Республикасында  гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин Улуттук планындатастыкталган[8] .

*5 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети(Улутстатком), Саламаттык сактоо министрлиги [Кыргыз Республикасы] жана ICF International 2013. Кыргыз Республикасынын медициналык-демографиялыкизилдөөлөрү 2012. Бишкек, Кыргыз Республикасыжана  Calverton, Maryland, США: Улуттук статком, ССМ жана ICF International.*

*6 «Балдар укугу жөнүндө» Конвенция (1989-ж.), «Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө (1979-ж.) жана ага Факультативдик протокол (1999-ж.), «Никеге турууга макулдук, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө» (1962-ж.), Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация (1993-ж). Пекин Аракеттер Платформасы(1995-ж.), 2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүктүрүү жагында күн тартиби (ТӨМ) (2015-ж.).*

*7 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 27-июнундагы № 443 токтому менен бекитилген.*

*8 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-ноябрындагы  № 537 токтому менен бекитилген.*

Кыргыз Республикасынын Конституциясы никеге турууга жана үй-бүлө курууга укукту нике курагына жеткен адамдарга берет. Никени мамлекет каттайт [9]. Кыргыз Республикасы светтик мамлекет болуп саналат, мына ошентипдин жана бардык культтар мамлекеттен ажыратылган, диний бирикмелеринин жана культ кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат[10].

Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 14-беренесинде нике курагы он сегиз жаш деп белгиленген.

Жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдары бул адамдардын өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу. Мыйзам жүйөлүү себептердин тизмесин аныктабайт жана иш жүзүндө аялдын кош бойлуулугу түшүнүлөт деп каралган.

2016-жылдын ноябрындаКыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан балдарды эрте никеден коргоого багытталган Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө жана жана Жазык кодекстерине толуктоолор кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 14-беренеси 3-бөлүк менен толукталган, ал нике курагы жөнүндө талаптарды бузууга күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартаарын белгилейт. Ошону менен бирге Кылмыш-жаза кодексине 155-1-берене киргизилген, ал жашы жете элекке карата диний нике жырымын жасаган ата-энелеринин, дин кызматчыларынын жана диний никеге кирген адамга карата 3 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жоопкерчиликти карайт. Бул ченемди киргизүү кыздардын билим алууга укугун ишке ашырууну камсыз кылууну шарттайт, баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуунун конституциялык укуктарын кепилдик кылат, баланын үй-бүлөдөгү зомбулуктун ар кандай түрлөрүнөн корголушуна өбөлгө түзөт.

Бул ченемди киргизүүгө жооп кылып, Кыргызстан Мусулмандарынын дин башкармалыгы 2016-жылдын 21-ноябрында № 410 буйругун чыгарган, анда өз бөлүмчөлөрүнүн дин кызматчыларына жашы жете электерге карата “нике” диний жырымын өткөрүүгө тыюу салган.

Мыйзамды кабыл алуу калкка да тиешелүү болгондуктан жана бузуу үчүн жазык жоопкерчилигине тартууга жаткан адамдардын кеңири чөйрөсүн карагандыктан, мектеп окуучуларынын, алардын ата-энелеринин, республикада бул кылмышка чара көрүүгө милдеттүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн, ошондой эле бардык диний конфессиялардын арасында кеңири агартуу иштерин жүргүзүү пландаштырылган.

Азыркы учурда 2016-жылдын 17-ноябрындагы № 179 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча план кабыл алынган (Үй-бүлө кодекси, Кылмыш-жаза кодекси), ал эрте никелерди алдын-алууга жана бул проблема боюнча калкты маалымдар кылууга багытталган[11] . Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги нике курагына жеткенге чейин диний нике

*9 Кыргыз РеспубликасынынКонституциясынын 36-беренесинин 4-пункту.*

*10 Кыргыз РеспубликасынынКонституциясынын 1.7-беренелери.*

*11 КР Ички иштер министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №1084, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 2017-жылдын 29-ноябрындагы № 85, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-декабрындагы №1583/1; Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2017-жылдын 11-декабрындагы№1125; Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2017-жылдын 27-декабрындагы №456; КР Акыйкатчысынын (Омбудсмен)2017-жылдын 4-декабрындагы №02-3488; Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын 2017-жылдын 8-декабрындагы№377; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 6-декабрындагы №402-н буйруктары менен бекитилген.*

жырымдарына катышууга жол берилбестиги маселеси боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тууралсында жалпы билим берүү системасы үчүн 2017-жылдын 9-ноябрындагы №03-6/6440 нускама кат кабыл алган. Агартуу иштерин өткөрүү жана калкка мыйзамдар, эрте никелердин терс кесепеттери  жөнүндөмаалымат берүү 2018-2020-жылдаргаКыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин Улуттук планынын долбоору менен пландаштырылган.

**Аялды никеге турууга мажбурлоо**

Аялды никеге турууга мажбурлоо эл аралык актылар менен айыпталат, анткени бул жосун адамдын эң маанилүү укуктарынын бири – жеке кол тийбестигине укугун бузат. Адам укугунун жалпы декларациясында ар бир аял жубай тандоого жана никеге эркин  турууга укугу бар деп айтылган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясыникелешип жаткан эки адамдын макулдугусуз никеге жол берилбестигин карайт ( 36-берененин 5-пункту).

Никеге мажбурлоо аялдын каршылыгын болтурбоо максатында психологиялык, дене боюнун жана сексуалдык зомбулукту камтыйт.  Аялды никеге психологиялык, күч колдонуп жана сексуалдык мажбурлоо таблицада көрсөтүлгөн бардык аспекттерде көрүнүшү мүмкүн жана аялдын эркине каршы никеге туру үчүн аялды уурдоо жолу менен жасалышы мүмкүн.

Никеге мажбурлап туруу үчүн кыздарды уурдоо үчүн жазык мыйзамдарында жоопкерчилик каралгандыгына карабастан мындай көрүнүш  Кыргыз Республикасынын бардык региондорунда таралган.

Кыргыз коомунда никеге туруу үчүн аялдарды уурдоо өз ара алдын-ала макулдашуу боюнча, ошондой эле мажбурлап, аялдын макулдугусуз болушу мүмкүн.  Биринчи учурда аял никеге туруу үчүн аны уурдашса макул болот жана уурдоошарттуу, ал зомбулук жана кодулоо мүнөзүндө эмес. Мындай “уурдоого” жаш адамдар чоң финансылык чыгымдарды тартпоо үчүн барышат, анткени салттуу үйлөнүү чыгымдар менен коштолгон (кудалашуу, милдеттүү белектер, калың төлөө, той өткөрүү). Жаш адамдар никеге ата-энеси уруксат берсе, никеге  колуктуну күч колдонбостон  уурдоо аркылуу никеге турган учурлар кездешет. Ошол эле учурда никеге туруу үчүн аялдарды күч колдонуп уурдаган учурлар бар. Мындай учурларда аялдарды уурдоо күч, психикалык жана кээде сексуалдык зомбулук менен коштолгон. Мындай кылмыштуу жосунду каада, салтка шылтаган учурлар болот, ага ылайык кыз уурдаган адамдын эркине баш ийүүсү керек.

Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча[12] , Кыргыз Республикасында никенин 20 пайыздан ашыгы кыз уурдоо (анын макулдугу жана макулдугусуз) менен  ишке ашырылат, мажбурлап никеге туруулардын үлүшү 6 пайызды түзөт. Мында айыл жергесинде никеге туруу үчүн кызды уурдоо шаардык конуштарга караганда 2 эсе көбүрөөк кездешет.

Никеге туруу формасы катары кыз уурдоо Талас облусунда көбүрөөк кездешет (никеге турган респонденттердин 60 пайызы), Ысык-Көл облусунда  (45 пайыз), Жалал-Абад жана Нарын облустарында  (28-31 пайыз). Мында кыздын макулдугусуз мажбурлап никеге туруу көбүрөөк деңгээлде Нарын (21 пайыз), Ысык-Көл (18 пайыз) жана Талас (10 пайыз) облустарда  (12-график) болгон.


*12  «Коомдун кабылдоосундагы гендер» изилдөөлөр, Бишкек-2016. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. http://www.stat.kg/ru/statistics/gendernaya-statistika/сайтында жеткиликтүү*

**Уурдоо жолу менен никеге турган 15 жаштагы жана андан улуу курактагы аялдардын аймак боюнча,  пайыздык үлүшү**




Никеге туруу үчүн аялдарды уурдоо себептери көп, бирок себептердин олуттуу бөлүгүн жаш адамдардын социалдык инфантилдүүлүгү түзөт, алар башка жол менен мамиле түзүүгө умтулушпайт. Алсак, изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча, бул жөнүндө респонденттерге белгилүү,  никеге туруу үчүн уурдалган ар бир үчүнчү кыз уурдаган бала анын башка адамга  күйөөгө чыгышын каалабагандыктан уурдалган (30 пайыз), ар бир төртүнчү – уурдаган адам кызды баш тартат деп корккон (24 пайыз) жана ар бир бешинчи  – анткени уурдаган адам аны менен таанышуудан айбыккан (21 пайыз) же калың төлөөгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес (18 пайыз) (13-график). Ар бир бешинчи кыз анын ата-энеси/туугандары колуктуну уурдап кетсин деп айтышкандыктан уурдалган деп эсептейт (19 пайыз). Кыз уурдоо үйлөнүүнүн салттуу ыкмасы деп эсептеген эркектердин үлүшү да жогорку (16 пайыз).

**Кыздардын никеге турууга макулдугусуз аларды уурдоонун себептери**[13]




Аялдарды никеге турууга мажбурлоо же никеге турбай жашоону улантkandыгы үчүн КР Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренесинде жүздөн эки жүз эсептешүү көрсөткүчүндө айып пул төлөө же үч жылга чейин эркиндигин чектөө каралган.  Ал эми никеге туруу үчүн аялдын эркине каршы аны уурдоо беш жылдан жети жылга чейин эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча[14] , айыл жеринде да, шаарда да аялдардын жана эркектердин (70-71 пайыз) көпчүлүгү кыз уурдоо үчүн жоопкерчиликти билишет. Аялдардын жана эркектердин арасында маалымдарлыктын эң жогорку деңгээли Талас (тиешелүү түрдө 82 жана 87 пайыз), Баткен (77 жана 79 пайыз), Ош (76 жана 75 пайыз) жана Жалал-Абад (75 пайыз) облустарында, ошондой эле эркектердин арасында  Ош шаарында (74 пайыз) белгиленген. Маалымдарлыктын эң төмөн деңгээли Нарын облусунун респонденттеринин арасында  (44 пайыз аялдар жана 47 пайыз эркектер) белгиленген.

Ошол эле учурда кыз уурдоо үчүн 3 жылдан 10 жылга чейин эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралгандыгы жөнүндө суроого  сурамжылангандардын – аялдардын 41 пайызы жана эркектердин 44 пайызы туура жоопту тандашкан, шаарда да, айылда да жооп дээрлик бирдей катышта болгон.

Мындай маалыматтардын болушу калк арасында кеңири агартуучулук жана алдын-алуучулук ишти жүргүзүүнүн зарылдыгын көрсөтүп турат.

Расмий маалыматтарга ылайык жыл сайын ички иштер органдары тарабынан никеге турууга мажбурлаган 22-25 учур[15] катталат,  иш жүзүндө мындай учурлар кыйла көп.

Коомдук аң-сезимде кыздарга уурдаган адамдан кетүүгө жана ага карата укук коргоо органдарына кайрылууга мүмкүнчүлүк бербеген гендердик стереотиптик мамиле бекем калыптанган– никеге туруу үчүн уурдоого дуушар болгон жүз аялдын үчөөсү гана укук коргоо органдарына кайрылат[16] .

*13  Сумма  100%дан ашат, анткени  респонденттерде бир нече жоопту берүү мүмкүнчүлүгү бар.*
*14 Ошол эле жерде төмөндө*
*15 КР ИИМ маалыматтары боюнча 2015-жылы никеге турууга мажбурлоо фактылары боюнча 23 жазык иши, ал эми 2016-жылы  26  жазык иши катталган.*
*16  Кыргызстанда коомдук коопсуздукту эл аралык изилдөө – 2015. Финалдык отчетт. «Реформа жана натыйжа үчүн» Жарандык союзу, 45-бет.*

**Көп аял алуу**

Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу боюнча БУУнун комитети 2004-жылы эле Кыргыз Республикасына полигамия[17] үчүн жазаны камсыз кылуу боюнча чараларды токтоосуз кабыл алууну сунуш кылган.

КР Үй-бүлө кодексинин 15-беренесине ылайык көп аял алуу жана көп күйөөгө чыгууга тыюу салынган. КР Кылмыш-жаза кодексинин 153-беренесинде эки аял алуу же көп күйөө үчүн эки жылга чейин эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган.

Бирок мыйзамдардын болгондугуна карабастан, акыркы жылдары көп аял алуу улам көп таралууда.

Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча[18] , 15-49 жаштагы жүз аялдан бирөө (0,9 пайыз) полигамдуу никеде турат. Полигамдуу нике айыл жерине (0,5 пайыз) караганда, көп учурда шаар жери үчүн мүнөздүү (1,6 пайыз). Полигамдуу никеде турган аялдардын эң көп үлүшү Бишкек шаарында (1,6 пайыз), эң азы – Нарын облусунда (0,0 пайыз) белгиленген. Бай үй чарбаларында полигамдуу никелердин үлүшү (1,7 пайыз) жарды үй чарбаларына караганда (0,7 пайыз) жогору. Бул факт полигамдуу никелерде жогорку деңгээлде жетиштүүлүктөгү эркектер катышкандыгын айгинелеп турат.

**№4кошмо.Тарыхый маалымкат**

***Кыргыздарда көп аял алууга жол берилген, ал мындай түшүндүрүлөт. Ар бир жаңы аял үчүн калың төлөө жүктөм болгон, анын үстүнө калыңдын өлчөмү аялдардын саны өскөн сайын көбөйгөн, экинчи аял биринчисинен кымбат, үчүнчүсү экинчисинен кымбат, төртүнчүсү үчүнчүдөн кымбатка турган. Көп аял алуу үй-бүлөнүн экономикалык мүмкүнчүлүгүнө жараша болуп, “байлардын жана ак сөөктөрдүн привилегиясы болгон” [18, 64-б.]. «Кедейлер бирден аял алса, алар үчүн калың төлөө кыйын иш болгондуктан, экинчи жолу төлөөгө (биринчи аял өлүп калган учурда) дайым эле колунан келген эмес.***

***Эгерде кыргызда бир нече аялы болсо, анын үй-бүлөлүк бактысы болбойт деп эсептелинген: «эки катын алыпсың, бир балээге калыпсың».***

*Булак: Ж.Тегизбаева. Кыргыздардын демейки укугу: Нике жана үй-бүлө. – Бишкек, 2017.-218-б.*

2008-жылы Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан көп аял алууну мыйзамдаштыруу аракети көрүлгөн. Жүйө катары көп аял алуу социалдык пайдалуу көрүнүш, анткени аялдардын жакырчылыгын кыскартат жана репродуктивдүү курактагы кыздарды никесиздиктен куткарууга мүмкүнчүлүк берет деп көрсөтүлгөн. Мындан тышкары Кылмыш-жаза кодексинин беренеси декларативдүү болуп саналат, аны колдонуу практикасы жок жана көп аял алуу аныгында эчактан эле бар деп белгиленет.

2017-жылы көп аял алууну мыйзамдаштыруунун айланасында талаш кайрадан жанданган. Бул талаш-тартышка тегерек стол башат болду, анда экс-муфтий Чубак ажы Жалилов жана диний

*17 Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу боюнча БУУ комитетинин КР Өкмөтүнүн жогорку аталыштагы конвенцияны аткаруу жөнүндө Экинчи мезгилдүү отчетуна сунуштар, 169, 170-пункттар.*

*18 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ). Кыргыз Республикасы. Көп индикаторлуу кластердик изилдөөлөр 2014. Жыйынды отчет. Бишкек, Кыргыз Республикасы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ).*

ишмер Өзүбек ажы Чотонов КР КЖКнын 153-беренесин («Эки аял жана көп аял алуу») жоюуну айтышкан. Алар эки жана андан көп аял алуу сойкулук проблемасын чечет жана төрөлүү санын көбөйтөт, кыргыз коомунун бир катар башка проблемаларын чечүүнүн универсалдуу ачкычы болот деп эсептешет. . Тегерек столдо ошондой эле экинчи аял алуу биринчи аялдын ден соолугу үчүн да, күйөөсү үчүн да пайдалуу болот деген да сөздөр айтылган.[19]

Жалпысынан коомчулук 2017-жылдын 10-июнунда тегерек столдо диний ишмерлер айткан Кыргызстанда көп аял алууну мыйзамдаштыруу демилгесине терс карайт. Алсак, изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча[20] , жарандардын 67,5 пайызы республикада көп аял алууну мыйзамдык чечүүгө каршы чыгышты. Демилгени диний ишмерлердин 21,7 пайызы колдойт.

**Сексуалдык зомбулук**

Сексуалдык зомбулук чөйрөсүндөгү кылмыштар латенттүүлүктүн жогорку деңгээли менен айырмаланат, кылмыштардын бир бөлүгү арыз берүү мүнөзүндө. Көпчүлүк жабыркаган аялдар алар кечирген зомбулук фактысы боюнча арыз менен ички иштер органдарына кайрылбагандыгын практика көрсөттү. Бул коомдун жабыр тарткандарга терс мамилеси менен байланыштуу, коом аларды жерийт, стигма байкалат, алар менен болгон зомбулукка жабыр тарткандар өздөрү күнөөлүү деп эсептешет[21] .

Сексуалдык зомбулуктан жабыркаган ар бир аял тандоо алдында турат: милиция органдарына коргоо сурап кайрылуу керекпи же жокпу. Аялды милицияга кайрылуудан токтоткон башкы фактор, зомбулук жөнүндө тааныштары/жакындары билип калат деген уят жана коркуу сезими. Жабыркагандар өз өмүрү үчүн корккон учурлар да кездешет, аларды укук бузуучулар коркуткандыктан, аялдар андан да көп жапа чегүүдөн коркушкан. Башка бир кеңири тараган себеп укук коргоо органдарына ишенбөөчүлүк. Аялдардын бөлүгүнүн пикири боюнча укук коргоо жана сот органдары коррупциялашкан, андыктан бул аялдар аз камсыз болгондуктан, алардын маселесин чечишпейт. Көпчүлүк жапа чеккендер өзүнүн тууралыгын далилдей албайбыз деп ойлошот, анткени зомбулуктун күбөлөрү жок болгон. Мында көпчүлүк аялдардын далилдерди чогултуунун бар болгон ыкмалары жөнүндө түшүнүктөрү жок, ушул ынанымдан улам милицияга кайрылбоону чечишкен. Укуктук билимдердин жетишсиздиги, өз күчүнө ишенбөөчүлүк, материалдык камсыздалбагандык – ушулар да аялдар тарабынан милицияга жардам сурап кайрылбоонун себептери катары көрсөтүлгөн.

Иш жүзүндө жабыркагандарды/мыйзамдуу өкүлдөрдү көп учурда арыз берүүдөн тууган-туушкандары, жакындары, ошондой эле мамлекеттик органдардын өкүлдөрү,анынычинде врачтар, адвокаттар, ИИБ, ОПСД кызматкерлери айнытат. Жабыр тарткандарды арыз берүүдөн айныткан тууган-туушкандарынын жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн жүйөлөрү окшош: уят, тез унутуп калуу керек, эч жыйынтык чыкпайт.

Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча көпчүлүк ата-энелер балага карата сексуалдык зомбулуктун болгондугун көрсөткөн белгилерди жана зомбулук болгондо эмне кылуу керектигин билбегендигин көрсөтүшкөн. Дээрлик ар бир чоң адам өз баласына карата жыныстык зомбулук жөнүндө билгенден кийин, тандоо алдында болгон: милицияга билдирүү керекпи же билдирбеш керекпи. Көп ата-энелер милицияга токтосуз кайрылган. Бирок көп учурда милицияга кайрылуу жөнүндө чечим көп күн өткөндөн кийин кабыл алынган, мында маанилүү далилдер үчүн белгилер жоготулган болот. Алсак, балдарды сууга түшүрүшкөн, кийимин ыргытып ийишкен же жууп салышкан.

*19 Сайттын материалдары боюнча: https://newdaynews.ru/asia/610620.html.*

*20 Телефон аркылуу социологиялык сурамжылоонун натыйжалары. «Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция» КБ, Бишкек 2017. Сайтта жеткиликтүү: http://knews.kg/2017/07/legalizatsiya-mnogozhenstva-reshit-problemu-prostitutsii-rezultaty-issledovaniya/.*

*21 Аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча Кыргыз Республикасынын сот практикасын изилдөөлөр жөнүндө отчеттон (2012 – 2015-жж.)*

Изилдөөлөрдүн маалыматтары жыныстык зомбулук жөнүндө иштер боюнча коргоо көбүнчө зомбулукту шарттаган жабыр тарткандардын өтө жакшы эмес моралдык жүрүм-туруму жөнүндө версияга таянышаарын көрсөттү. Мындай версияны тастыктоо үчүн айыпталуучулардын адвокаттары сотто жабыр тарткандарды туура эмес кабылдоону түзүүгө аракет кылышат. Бул үчүн алар жабыр тарткандардын биографиясынан алардын “начар” аброюн көрсөткөн кандай болбосун фактыларды издөө менен алектенишет.

Изилдөөлөр ошондой эле айыпталуучулардын адвокаттары тарабынан этикага жатпаган жүрүм-турумдун көптөгөн фактыларын, анын ичинде баарлашуу этикасын бузуу, жабырлануучу жөнүндө маалыматтын купуялуулугун бузуу, жабыр тарткандарды кодулоо жана кемсинтүү сыяктуу фактыларын аныктаган. Мында сот жыйналышы учурунда адвокаттын этикага жатпаган жүрүш-турушуна карата соттун жеке аныктама чыгарсуунун кандайдыр бир практикасы жок.

Талдоо жүргүзүлгөн материалдарга ылайык жабыр тарткандарды туура эмес кабылдоо соттук териштирүүнүн жүрүшүндө түзүлөт:

- эгерде жабырлануучу мурда айыпталуучу менен да, башка адамдар менен жыныстык мамилелери болсо;
- эгерде жабырлануучу кылмыш жасалган учурда мас болсо же айыпталуучу менен убактысын өткөрүп, мисалы, машинага отурса;
- эгерде жабырлануучу кыска юбка кийип алган болсо;
- эгерде ал активдүү каршылык көрсөтпөсө жана дени боюна залал албаса;
- эгерде жабырлануучу аялы болсо /айыпталуучунун жубу болсо;
- эгерде жабырлануучу  социалдык аярлуу үй-бүлөдөн болсо;
- эгерде жабырлануучу  айыпталуучу менен чыр-чатакташкан болсо.

Жабыр тарткандаржөнүндө мындай туура эмес түшүнүктөр жана стереотиптер укук коргоо, сот органдарынын өкүлдөрү, сот процессинин катышуучулары, ошондой эле коомчулук тарабынан колдоого алынышы жана таркатылышы жабырлануучулардын жыныстык кылмыштардан укуктарын ишке ашыруу  жана адилет жазыктык иликтөө жана калыс чечим чыгаруу  үчүн олуттуу бөгөт болуп саналат. Мындай  спецификалык стереотиптер жабырлануучуларга ички иштер органдарына кайрылууга тоскоол болот. Мындан тышкары стереотиптер тараптарды жараштыруу боюнча жазык иштерин токтотууга макул болууга жабырлануучулардын чечимине, тийиштүү түрдө кылмыш процессинин токтотулушуна өбөлгө болот.

Изилдөөлөр менен күнөөлүү адам кылмыш жасаган учурдан тартып соттолгонго чейин жыныстык кылмыштан жабыркаган адам  укуктарынын бузулушу, туура эмес мамилеге,  укук коргоо органдары жана сот адилеттиги системасы менен өз ара аракеттенүүнүн бардык этаптарында стереотиптерге туш болушат. Процесстик аракеттердин жүрүшүндө жабырлануучу адам ага каратажасалган кылмышка байланыштуу кодулоого туш болот, аныгында ал кылмыштын курмандыгы жана жасалган кылмыш үчүн жоопкерчилик тартпайт. Бул жабырлануучу адам башталышында элетергөө органдарын жыныс актысына мажбур кылгандыгын ынандырууга, экспертиза өтүүгө, шектүү адам менен беттешүүгө  аргасыз,  ал айтып жаткандары чын экендигин далилдеши керек. Иштерин коомдук уюмдар алып коштогон жабыркагандар гана буга кирбейт  жана аларга аталган балдар жана аялдар борборлору тарабынан психологиялык жардам көрсөтүлгөн. Ушуга байланыштуу жабыркагандардын көпчүлүгү көп жылдар бою башынан өткөн зомбулук окуядан арыла алышпайт, бул анын кийинки бүткүл турмушуна терс таасир тийгизет.

Мына  ошентип  жабыркагандар жыныстык кылмыштардан гана эмес, ошондой элеукуктук системанын да курмандыгы болушат, бул аларды өз ара аракеттенүүнүн бардык этаптарында аларды кайрадан курмандыкка айлантат.

## №6 ТИРКЕМЕ.

### ГЛОССАРИЙ

**Жыныс**–бул адамдынбиологиялык таандыктыгы, т.а. бул эркекти аялдан физиологиялык пландан алганда айырмалап турат.

**Ге́ндер(англ.gender, лат.Genus«тукум»)** –бул адамдын коомдогу жүрүш-турушун жана бул жүрүш-туруш кандайча кабыл алынаарын аныктоочу социалдык жыныс. Бул жыныстык ролдук жүрүш-туруш, ал башка адамдар: достор, кесиптештер, классташтар, ата-энелер, кокустан өтүп бара жаткан адамдар мененмамилени аныктайт.

**Маскулинндүүлүк(лат.Сөзү masculinus, эркек)** — эркектики катары каралуучу дене бойлук, психикалык жана жүрүш-туруштук өзгөчөлүктөрдүн комплекси (т.а. эркекти аялдан тышкы белгилери боюнча айырмалап турат.

**Фемининндүүлүк (аялзаты)** — аял жынысы менен байланышкан мүнөз же бул коомдо аялдан күтүлүүчү жүрүш-туруш.

**Айнек шып (The glass ceiling):** аялдарга уюмдарда, жеке да, мамлекеттик да уюмдарда жогорку позицияларды ээлөөгө мүмкүнчүлүк бербеген бөгөт. Мына ошентип, бул түшүнүк саясий, мамлекеттик, укуктук, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрдү да козгойт. «Айнек» деген сөз бул бөгөттөр дээрлик көрүнбөйт дегенди билдирет жана адатта уюмдагы аялдар жана эркектер үчүн ачык жана айкын карьералык өсүштүн мүмкүнчүлүктөрүнүн системасына карама-каршы калыптанган түзүмдү колдоо менен байланыштуу.

**Индикаторлор**–бул коюлган милдеттерге жетүүнү өлчөө жана баалоо мүмкүнчүлүгүн берген ийгиликтин сандык жана сапаттык критерийлери.

**Милитаризм** – бул аскердик кубатты күчтөндүрүү, куралдануунун өсүшү жана аскердик даярдыктардын активдешүүсү.

**Эмансипация** – бул көз карандылыктан, куугунтуктан, теңсиздиктен бошонуу.

**Аялдардын эмансипациясы** —бул аялдарга коомдук, эмгектик жана үй-бүлөлүк турмушта тең укуктуулукту берүү; эркектердин жана аялдардын тең укукка умтулуусу.

**Демилитаризация** – бул белгилүү-бир аймакта аскердик чепти жана курулмаларды жок кылуу, ошондой эле бул аймакта кызыкдар мамлекеттердин ортосундагы келишимдин негизинде куралдуу күчтөрдү кармоого тыюу салуу (эл аралык укукта); куралсыздандыруу;

**Реципиент** – бул донор деп аталган кайсы-бир башка обьекттен кандайдыр бир нерсе алуучу (кабыл алуучу).

**Комбатант** –бул аскердик жаңжалдын тараптарынын биринин куралдуу күчтөрүнүн курамында аскердик аракеттерде түздөн-түз катышкан адам жана өзгөчө юридикалык статуска ээ.

Поляризация –бул көбүнчө мейкиндиктеги кайсы-бир обьекттердин бөлүнүшү менен байланыштуу процесстер жана абалдар.

## №7 ТИРКЕМЕ

### КЫРГЫЗСТАНДЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ЖЫЛДАРДАН БЕРКИ ГЕНДЕР САЯСАТЫ ЖААТЫНДАГЫ ЧАРАЛАРЫ

| ДАТАЛАР | ЧАРАЛАР |
|---|---|
| 1993 | Кыргыз Республикасынын Конституциясы кабыл алынган. Принята Конституция КР. Жынысына, этникалык жана диний көз карашына карата басмырлоого тыюу салынат. |
| 1995 | Кыргызстан IV Бүткүл дүйнөлүк конференциясы тарабынан кабыл алынган аялдардын абалы жөнүндөгү аракеттердин Пекин Платформасына кошулду (ППД). Көйгөйлүү багыттарды аныктап, аялдардын абалын жакшыртуу боюнча аракеттердин планын иштеп чыгуусу каралган. |
| 1996 | КР ЖК тарабынан төрт БУУнун эл аралык Конвенциялары жана бир МОТтун конвенциясы ратификацияланды:<br><br>1. Аялдардын саясий укугу боюнча Конвенциясын;<br><br>2. Аялдардын нике курагы жана никеге турууга макулдугу, никени каттоо тууралу Конвенциясын;<br><br>3. Турмуштагы аялдардын жарандыгы тууралу Конвенциясын;<br><br>4. Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюуу боюнча Конвенциясын (CEDAW);<br><br>5. Энеликти коргоо боюнча Конвенцияны(МОТ). |
| 1996 | КР Президентинин жарлыгы менен 1996 жыл – аялдардын жылы деп жарыяланды. |
| 1996 | КР Өкмөтүнүн астында үй бүлө, аялдар жана жаштар боюнча мамлекеттик комиссия түзүлдү. |
| 1996 | «Аялзат» программасынын 1996-2000 жж ишке ашыруу максатында иш аракеттердин улуттук Планы бекитилди. |
| 1998 | КР Өкмөтүнүн астында үй бүлө, аялдар жана жаштар боюнча мамлекеттик комиссия кыскартылып, Кыргыз Республикасынын Президенти астында Гендердик саясат боюнча Улуттук Кенеш түзүлдү. |
| 1999 | Кыргыз Өкмөтү тарабынан БУУ CEDAW Комитетине Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюуу боюнча Конвенциясын аткарылышы боюнча биринчи Улуттук Отчет жиберилди |
| 2000 | КР Президентинин жарлыгы менен Гендердик саясат боюнча Улуттук Кенеш «Аялдар, үй бүлө жана гендердик өнүгүү» боюнча Улуттук Кенеш деп өзгөртүлдү. |
| 2000 | КР «жарандардын репродуктивдүү укугу жана аларды ишке ашыруу кепилдиги» жөнүндө мыйзам кабыл алынды.( жаңы редакциясы 10 август 2007жылы, № 147к.а). |
| 2000 | 2000 жылы КР аялдардын укугу жаатындагы сегиз мыйзам гендердик экспертизадан өттү. |
| 2001 | «Кыргызстан аялдары кылымдардын жетишкендигинде» Улуттук конференциясынын өтүшү; |
| 2002 | 2 мартта Президенттин жарлыгы менен Гендердик теңчиликке жетүүнүн 2002-2006жж карата Улуттук иш-аракеттер Планын бекитти. (НПД) |
| 2002 | 27 августта КР Президентинин Кыргыз Республикасында кадр саясатын жакшыртуу максатында, мамлекеттик башкарууга лидер айымдарды катыштыруу жарлыгы чыкты. |

| | |
|---|---|
| 2003 | ЗС ЖК мыйзам чыгаруу Палатасы тарабынан гендер саясатына тийиштүү эки мыйзам кабыл алынды:<br><br>1.«КР гендердик теңчиликке жетүү үчүн мамлекеттик кепилдикти камсыздоо»<br><br>2. «Үй бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө»мыйзамы; |
| 2003- 2005 | КР Жогорку Кеңешине гендердик маселелер боюнча Президенттин атайын өкүлүнүн кызматы киргизилди. |
| 2008 | КР ЖКнин «Мыйзам долбоорлорунун атайын экспертизадан өтүүсү боюнча стандарттарды бекитүү» Токтому менен №75-IV кабыл алынды. |
| 2008 | Кыргыз Өкмөтү тарабынан БУУ CEDAW  Комитетине Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюуу боюнча Конвенциясын аткарылышы боюнча 3-Улуттук Отчет жиберилди жана КР Өкмөтүнөн турган делегация Доклад жасап келди. |
| 2008 | КР «Эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу жана тең мүмкүнчүлүгүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзам кабыл алынды. |
| 2009 | Кыргыз Мамлекетинин БУУнун CEDAW Комитетине 3- Мезгилдик Докладына карата жиберилген БУУнун Корутунду Сунушунун аткарылышына карата иш-чаралардын Планын бекитүү боюнча №387 Токтому кабыл алынды. (19.06.2009) |
| 2012 | «Гендердик теңчиликке жетүүнүн Улуттук стратегиясы 2020 жылга чейин» жана Гендердик теңчиликке жетүүнүн Улуттук иш аракеттер Планын 2012- 2014 жж карата» бекитүү үчүн КР Өкмөтүнүн №443 Токтому кабыл алынды.    (27.06.2012). |
| 2012 | КР Кылмыш жаза Кодексине өзгөртүүлөр жана кошумчалар киргизилди. 154 жана 155 беренелери боюнча үй бүлө куруу үчүн кыздарды ала качуу боюнча  жазаны оордоту каралган. |
| 2016 | КР Кылмыш жаза Кодексине 155-1 беренеси жашы жете электер менен никеге туруудa жазаны оорлотуу боюнча  өзгөртүү, кошумчалар киргизилди. |
| 2017 | Жашы жете электердин никеге туруусун жоюуу  боюнча аракеттер Планы кабыл алынды. |
| 2017 | «Үй бүлөдөгү зомбулуктан сактоо жана коргоо» мыйзамы кабыл алынды. |
| 2019 | Айыл кенештерине депутаттарды шайлоодо мандаттын 30 пайыз аялдар үчүн резерв калтыруу |